**СААЛАЕВ Өскөн**

# СОҢКУ ТАРЫХ САБАКТЫН ПЛАНЫНЫН УСУЛДУК КОЛДОНМОСУ

**9-КЛАСС**

**БИШКЕК – 2015**

Кыргыз  Билим берүү академиясынын
Окумуштуулар кеңешинде 9-класстын
“Соъку тарых сабактын планынын усулдук колдонмосу”
окуу китеби катары бекитилген
(токтом  №8, 27-ноябрь, 2013-жыл)

**Саалаев Өскөн   СОҢКУ ТАРЫХ САБАКТЫН  ПЛАНЫНЫН УСУЛДУК КОЛДОНМОСУ** /Б.:-2015. -96б.

# КИРИШҮҮ

**Эскертүү:**

Сабактын планы негизинен түгөйү менен жана чакан топтордо иштөөгө ылайыкталып түзүлгөндүктөн, өтүү убактысы 20-35 мүнөткө гана созулат. Калган убакытты өткөн теманы кайталоо, чакан лекция, окуучулардын билимин баалоо, үйгө тапшырма берүү иштерине арноо сунуш кылынат.

**Сабактын планынын усулдук колдонмосунун өзгөчөлүктөрү**

Урматтуу кесиптештер!

Колуңардагы 9-класстын Соңку тарыхы үчүн жазылган сабактын планынын иштелмелери, азыркы учурдун талабына ылайык иштелип чыкты. Мында ар бир тема экиден вариантта, ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен жазылып, ар бир сабактын максатында окуучулар ээ боло турган билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр, ошондой эле теманын тарбиялык мааниси ачык, даана көрсөтүлдү.

Бул сабактын планынын иштелмелеринин түзүмүндө башкаларга салыштырганда көп өзгөчөлүктөр бар. Мисалы, сабактын планындагы анын өтүлө турган күнүн белгилөөнүн ордуна (өтүү мөөнөтү) өтүлө турган жумасы көрсөтүлдү. Анткени, ар кандай себептер менен сабак көрсөтүлгөн күнү өтүлбөй калышы мүмкүн. Ошондуктан, сабак кайсы жумада өтүлөөрү, мисалы, өтүү мөөнөтү : майдын биринчи жумасы деп жазылса, сабак ошол жуманын ичинде бир күнү өтүлөөрү баарына белгилүү болот.

Дагы бир өзгөчөлүгүн алсак, сабактын пландары негизинен фрагмент түрүндө түгөйү менен жана чакан топтордо иштөөгө ылайыкталып иштелип чыкты. Ошондуктан, сабактын өтүү убактысы 20-35 мүнөткө гана созулат. Калган убактыларын мугалим жалпы теманы түшүндүрүп жыйынтыктаганга, окуучулардын билимин баалап, үйгө тапшырма бергенге пайдаланат. Мындай интерактивдүү ыкмаларды пайдаланып жазылган сабактар окуучуларды жандандырып, сабакка болгон кызыгуусун арттырат.

Бул сабактын планынын иштелмелеринде мугалим менен окуучулардын аткара турган иштери баштан-аяк толугу менен иштелип чыккан. Окуучулар берилген тапшырманы аткарып бүткөндө , өз иштерин окуучулардын алдында айтып беришет (презентациялашат) .

Окуучулар өз иштерин презентациялап бүткөндөн кийин мугалим окуучулардын сабак тууралуу пикирин, түшүнүгүн, тапшырманы аткаруудагы иш-аракеттерин иликтөө үчүн аларга суроо берет (рефлексия).

Мисалы:

- Иш учурунда чечимдерди кандайча кабыл алдыңар?
- Сабак учурунда өзүңөрдү кандай сездиңер?
- Сабак кызыктуу болдубу? ж.б.

Натыйжада, "интерактивдүү" (англис тилинен – өз ара аракетте болуу) ыкмаларды колдонуп, сабак өтүүдө мугалим менен окуучунун жана окуучу менен окуучулардын ортосундагы өз ара байланыштар жүрөт. Ошондой эле окуучулар:

- Түгөйү менен жана чакан топто иштөө
- Проблеманы көрүп жана чече билүү
- Бирге иштөөдө толеранттуулукту көрсөтө билүү
- Бири-бирин угуу, сыйлоо
- Бири-бирин сындабоо ж.б. билгичтиктерге, көндүмдөргє ээ болушат.

**Урматтуу кесиптештер!**

**Ушул сабактын планынын иштелмелерин жазууда пайдаланылган ар түрдүү ыкмалар менен "Окутуунун интерактивдүү усулдары" аттуу китептен таанышсаңыздар болот. Алардан сырткары сабактын иштелмелеринин максаттарын аныктоодо дагы бир нече башка талаптар ишке ашырылды. Маселен, сабактын максатын** мугалимдин позициясы **менен жана сабактын максатын** окуучунун позициясы **менен түзүү.**

**Эгерде сабактын максатын таблицадагы мугалимдин позициясы бөлүмүндөгү сөздөрдү катыштырып түзүшсө, анда сабактын максаты мугалимге таандык болуп, окуучулардын өз максаттарына жетишүүсүн камсыз кылуу мугалимдин милдети болуп калат.**

**Ал эми сабактын максаты таблицадагы окуучунун позициясы бөлүмүндөгү сөздөр менен аяктаса, анда ал окуучуга гана тийиштүү болуп, сабак учурунда мугалимдин жетекчилиги астында кандай натыйжага жетишүүгө боолорун көрсөтөт. Окуучулар ар түрдүү көндүмдөргө, билгичтиктерге, мамилелерге, баалуулуктарга ээ болушат.**

| **Сабактын максатын мугалимдин позициясы менен түзүү** | **Сабактын максатын окуучунун позициясы менен түзүү** |
| --- | --- |
| • Окутуу<br>• Билим берүү<br>• Түшүндүрүү<br>• Үйрөтүү<br>• Айтып берүү<br>• Өнүктүрүү<br>• Көрсөтүү<br>• Чыгаруу.<br>• Тааныштыруу ж.б. | • Окуучулар түшүндүрүп бере алышат.<br>• Сүрөттөп бере алышат.<br>• Колдоно алышат<br>• Айырмалай алышат.<br>• Дал келтире алышат.<br>• Түшүнүгүн калыптандырышат.<br>• Өздөштүрүүсүн камсыз кылышат<br>• Билимин, маалыматын жогорулатышат<br>• Сынчыл ойломун өнүктүрүшөт<br>• Эске тутумун машыктырышат.<br>• Көндүмдөргө ээ болушат.<br>• Билгичтиктерге ээ болушат ж.б. |

**Ар бир тема ушул талаптарды эске алуу менен иштелип чыкты. Эгерде, сиз дагы толуктап, өзгөртүүлөрдү киргизсеңиз, теманын аягында атайын орун калтырылды. Ишиңиздерге ийгилик каалайм!**

Автор

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых.

**Тема: 1.** Индустриялуу өлкөлөр

**Өтүү мөөнөтү:** Сентябрдын биринчи жумасы.

**Колдонулган ыкма:** Акыл чабуулу,түгөйү менен иштөө,салыштыруу, карта менен иштөө.

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** XX- кылымдын башында АКШнын Германиянын, Улуу Британиянын ж.б. өлкөлөрдүн индустриялуу өлкөлөргө айлануу себептерин (экономикалык өнүгүү себептерин) салыштыруу аркылуу изилдеп үйрөнүшөт.

**Тарбиялык:** Чыгыш Европа өлкөлөрүндө, улутчулардын жана фашисттик диктатуранын бийликке келиши тууралуу түшүнүк алуу менен дүйнөгө болгон көз карашы боюнча адилеттүүлүккө, гумандуулукка ээ болушат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар түгөйлөрү менен берилген темаларды салыштыруу аркылуу анализдөө, талкуулоо, эң маанилүүсүн ажырата билүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Эки окуучуга бирден текст же окуу китеби, таблица чийилген ватман (**№ 1-тиркеме**) же доскага чийилет.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20-25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өткөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Мугалим доскага “Индустриялуу өлкөлөр” деп жазып, аны окуучулардан ким кандай түшүнөөрүн, алардын башка өлкөлөрдөн кандай айырмасы бар экендигин суроо аркылуу акыл чабуулун өткөрөт. Окуучулардын берген жооптору доскага жазылып, окшошторунун бири чийилет.

**2-кадам:** Окуучуларды экиге бөлүп, жарымына АКШ, Германия, Улуу Британиянын, экинчи жарымына Франция, Австро-Венгриянын, Италиянын экономикасынын өнүгүүсү тууралуу тексттер таратылат. Соңку тарых окуу китебин да пайдаланса болот.

**3-кадам:** Түгөйлөр аларды окуп чыгып, бул өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүү себептерин, шарттарын, өзгөчөлүктөрүн дептерине таблица чийип ага жазышат. Таблицанын үлгүсү ватманга чийилип, доскага илинет же доскага чийилет. (**7-10 мүнөт**).

**4-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө эки тараптан каалоочулар же баасы аз окуучулар доскага тапшырманы аткарып беришет. Индустриялуу өлкөлөрдү картадан көрсөтүшөт.Алар бири-биринин иштери менен таанышып, доскадагы окуучуларга суроо беришет жана аларга кошумча талкуу жүрөт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**№ 1-тиркеме:**

Биринчи тараптын таблицасы:

| **АКШ** | **Германия** | **Улуу Британия** |
|---|---|---|
| | | |

Экинчи тараптын таблицасы

| **Франция** | **Италия** | **Австро-Венгрия** |
|---|---|---|
| | | |

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Бири-бирин окутуу.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, же мугалим кичирейтип даярдаган тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20-25 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулар 1ден 4–6га чейин санап чакан топторго бөлүнөт жана парталарды бириктирип отурушат. Алар өз топторундагы окуучуларды эстеп калуулары керек.

**2-кадам:** Ал топтордон 1-номерлер өзүнчө , 2-номерлер өзүнчө жана калгандары дагы ушу сыяктуу болуп бөлүнүп, кайрадан жаңы топ түзүлөт.

**3-кадам:** Мугалим аларга текст таратат. 1-тиркеме 1-топко, 2-тиркеме 2-топко жана калган тиркемелер дагы башка топторго таратылат. Окуучулар аларды окуп, түшүнүксүз жери болсо мугалимден сурашат, башка окуучуларга айтып берүүгө даярданышат жана өз ара талкуулашат жана бири-бирине суроо берип, даярдыктарын текшеришет. (8–10 мүнөт).

**4.-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө ар бири мурдагы өз топторуна кайтып келишет. 1-тиркемеге даярданган окуучудан баштап мурдагы топтордон алган маалыматтарын кезектешип айтып беришет. (Ар бирине 2–3 мүнөт).

**5-кадам:** Айрым окуучуларга суроо берүү аркылуу канчалык деңгээлде материалдарды өздөштүрүп, бири-бирине түшүндүрмө алгандыгын текшерип, баалоо сунуш кылынат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201-жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых.

**Тема: 2.** Колониялык жана көз карандысыз өлкөлөр

**Өтүү мөөнөтү:** Сентябрдын экинчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Бири-бирин окутуу, зигзаг

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар эң алгачкы колонияга ээ болгон өлкөлөр, колониялык жана көз каранды өлкөлөрдүн боштондук үчүн болгон күрөшү жана анын натыйжалары жөнүндө бири-бирин окутуу аркылуу билим алышат.

**Тарбиялык:** Окуучулар эли-жерин коргоо, көз карандысыздык үчүн күрөшүү тууралуу түшүнүктөрүн калыптандырышат жана ал аркылуу эркиндикти баалоого щйрёнщшёт.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Бирге даярдануу, болгон малыматтарын башкалар менен бөлүшүп, айтып берүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим кичирейтип даярдаган тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өткөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар парталарды бириктирип, 1ден 4–6га чейин санап, чакан топторго бөлүнүп отурушат. Аларды “кооперативдик” же “менчик топ” деп атайбыз.

**2-кадам:** Ал топтордон бир деген номерлер өзүнчө, экинчилер өзүнчө калган номерлер дагы ушундай жол менен кайрадан жаңы топторго биригишип, “эксперттик топ” деп аталышат. Аларга көтөрүлүштүн чыгыш себептерин, жүрүшүн жана натыйжаларын ж.б. негизги маалыматтарды камтыган тексттер таратылат же окуу китебин пайдаланышат. Мында кичи темалар ар бир топко бөлүнүп берилет. (**2–3 мүнөт**).

**3-кадам:** Эксперттик топтор темаларды окуп, бири-бирине суроо берүү, талкуулоо жолу менен даярданышат. (**7–10 мүнөт**).

**4-кадам:** Даярданууга берилген убакыт бүткөндө өздөрүнүн кооперативдик топторуна кайтып келишет да эксперттик топто үйрөнгөн маалыматтарын кезектешип айтып беришет (ар бирине **2–3 мүнөт**).

**5-кадам:** Мугалим окуучуларга суроолорду берип, окуучулардын даярдануу жана өздөштүрүү деңгээлин баалайт.

**Рефлексия:**

- Эксперттик топтордо даярдыктын жүрүшүн айтып бергиле.
- Өз топторуңарга айтып берүү учрунда өзүңөрдү кандай сездиңер?
- Башкаларга канчалык деңгээлде түшүндүрө алам деген жоопкерчиликти сезүү болдубу жана өз ишиңерге канааттандыңарбы?

**Баалоо**

**Үйгө тапшырма**

**2-вариант.**

**Колдонулган ыкма:** Акыркы сөздү мен айтайын,суроо түзүү (21-теманы кара)

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же тексттер жана карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 15–20 мүнөт

**1-кадам:** Окуучуларга текст таратылат же окуу китебин пайдаланышат. Аларды окуп чыгышып негизги даталарды, көңүл бурган цитаталарды, кызыктуу суроо пайда кылган маалыматтарды карточкалардын бир бетине жазышат. Экинчи бетине алардын жооп түшүндүрмөлөрүн жазат. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Тапшырмаларды аткарган окуучу карточкадагы суроолорун окуп берет, бирок жооп түшүндүрмөлөрүн окубайт. Мугалим башка окуучулардан жооп берүүсүн өтүнөт. Аягында суроолорду берген окуучу өз жообун окуп берип, мурдагы окуучунун жообунун тууралыгына баа беришет. Андан кийин башка окуучу окуп, жооп берүү улана берет. Бардык суроолорго жооп берилип, алардын маанилүүлөрү аныкталгандан кийин сабак улана берет.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201- жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

Сабактын планы:

**9-класс.** Соңку тарых.

**Тема: 3.** Россия XX- кылымдын башында

**Окуу мөөнөтү:** Сентябрдын үчүнчү жумасы

**Колдонулган ыкма:** Түгөйү менен иштөө, салыштыруу.

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар бул темадан Россиядагы көп партиялуулук, алардын программасы, өздүк курамы РСДЖПнын большевиктерге жана меньшевиктерге бөлүнүшү, алардын көз караштары тууралуу маалымат алышат.

**Тарбиялык:** Саясий партияларды иликтеп талдоо, салыштыруу аркылуу, алардын өзгөчөлүктөрүн баалай билүүгө, саясий түшүнүктөрүн кеңейтип, саясий активдүүлүгүн арттырышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Түгөйлөр салыштыруу аркылуу өзгөчөлүктөрдү, окшоштуктарды ажыратып баалоо, текст менен иштей билүү көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим түзгөн тексттер. № 1-тиркеме.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20-25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Мугалим доскага “саясий партия” деген сөздү жазып, аны окуучулардан ким кандай түшүнөөрүн суроо аркылуу “акыл чабуулун” өткөрөт. Окуучулардын айткан жооптору доскага жазылып, окшошторунун бирөө чийилет. (**3–5 мүнөт**).

**2-кадам:** Окуучулар окуу китебин пайдаланышат же мугалим түзгөн тексттер таратылат. Дептерине № 1-тиркемедеги таблицаны чийишип, саясий партиялардын түзүлүшү, максаттары, идеялары, алардын өзгөчөлүктөрү жана окшош жактарын салыштырып жазышат. Кайсы партия элге кызмат кылуга жарамдуу болгондугун далилдешет. (**10–15 мүнөт**).

**3-кадам:** Даярданып бүткөндөн кийин баасы аз же мугалим сунуштаган окуучулар өз иштерин окуп, түшүндүрүп беришет

жана калгандары кошумчалап талкуу жүрөт, суроолор берилип, жооп алынат.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**№ 1-тиркеме:** Таблицанын үлгүсү ватманга чийилип, доскага илинет же доскага чийилет.

| РСДЖП | Эсерлер | Кадеттер | Октябрчылар | Монархиячылар |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Класста жалпы талкуулоо.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, мугалим түзгөн суроолор

**Сабактын жүрүш-:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

**1-кадам:** Класска жалпы талкуу жүргүзүү үчүн Россиядагы саясий партиялардын түзүлүш максаттарын, көз караштарын окуп үйрөнүп, салыштырып талкуулоо аркылуу, кайсы партия элге кызмат кылууну көздөгөндүгүн далилдеп берүү сунуш кылынат. Ал үчүн мугалим теманын аягындагы саясий партияларга тиешелүү суроолорду пайдаланса жана алардын үлгүсүндө дагы кошумча суроолорду түзсө болот.

**2-кадам:** Мугалим даярдаган суроолорун жалпы класска берет, бирок жоопту жеке окуучудан сурайт. Талкуу башталып, айтылган негизги пикирлер доскага кыскача жазылат. Мугалим "Дагы башка пикирлер барбы?" деп окуучулардан сурап турат. Бир суроону талкуулап бүткөндөн кийин башка суроого өтөт. Талкуу учурунда "Алтын эрежелерди" колдонуу керек экендиги эскертилет. М.: Ар бир ой баалуу бири-бирин угуу, кол көтөрүп жооп берүү.

**3-кадам:** Талкуу бүткөндө элге кызмат өтөөнү көздөгөн партияны атоо менен сабак жыйынтыкталат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых.

**Тема: 4.** Россиядагы 1905-1907-жылдардагы революция

**Өтүү мөөнөтү:** Сентябрдын төртүнчү жумасы.

**Колдонулган ыкма:** Кезектешип бири-бирин окутуу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар революциянын себептерин, “кандуу жекшембилик”, мамлекеттик думанын түзүлүшү тууралуу чакан топтордо бири-бирин окутуу аркылуу кеңири маалымат алышат.

**Тарбиялык:** Көтөрүлүштүн жүрүшү, андагы жумушчу дыйкандардын максаттарын окуп үйрөнүү менен окуучулар жалпы элдин эркиндигин коргоого, теңсиздикти жоюу, саясий укуктар сыяктуу түшүнүктөрдү баалоого үйрөнүшөт.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар чакан топторго бөлүнүү жана даярданган маалыматтарын башкаларга жеткиликтүү кылып айтып берүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, окуучулар үчүн кичирейтилип түзүлгөн тексттер

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20-25 мүнөт

*Эки вариантты тең окутуу сунушталат.*

Уюштуруу**: Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар саноо же башка жолдор менен чакан топторго бөлүнүшөт жана парталарды экиден бириктирип отурушат. Аларга экөөнө бирден (же ар бирине) тексттер таратылат. Окуу китебиндеги кичи темаларды бөлүп берсе да болот. (**3–5 мүнөт**).

**2-кадам:** Окуучулар аларды окуп, бири-бирине айтып берүү, суроо берүү, талкуулоо жолу менен башка топторго айтып берүүгө даярданышат. (**8–10 мүнөт**).

**3-кадам:** Даярдануу мөөнөтү бүткөндө биринчи топ башка топторго тарап отурушат да, даярданган маалыматтарын аларга айтып беришет. (**2–3 мүнөт**). Алардын ордуна келип отурганда

экинчи топ бул ишти улантат. Ушундай кезектешип бири-бирин окутуу менен берилген теманы өздөштүрүшөт.

**4-кадам:** Мугалим окуучулардан ким жакшы түшүндүргөнүн суроо менен же аларга суроо берүү аркылуу алардын билимин баалайт.

**Рефлексия:**

- Чакан топтордо даярданууда кандай кыйынчылыктар болду?
- Окуучуларга айтып берип жатканда өзүңөрдү кандай сездиңер?
- Сабак кызыктуу болдубу?

**Баалоо:**

**Үй тапшырма:**

## 2-вариант.

**Колдонулган ыкма:** Биргелешип издөө ыкмасы

**Сабактын жабдылышы:** Тексттер же окуу китеби, жоопту биргелешип издөө үчүн түзүлгөн суроолор

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

**1-кадам:** Окуучуларга текст таратылат же окуу китебиндеги темадан берилет. Алар окуп даярданат. Убакытты үнөмдөө үчүн окуучулар үйдөн окуп келишсе да болот. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Мугалим жоопту биргелешип издөө үчүн мурдатан даярдаган суроолорун бере баштайт. Суроолор жалпы класска берилип, бирок жооп жеке окуучудан суралат.” Ким кошумчалайт, кимдин кандай пикири бар?” - деп сурап туруу керек.

Сабакта теманын аягындагы суроолорду жана негизги окуяларды чагылдырган кошумча суроолорду түзүп пайдалануу сунуш кылынат. Бардык суроолорго биргелешип жооп издөө аркылуу жооп берилет жана сабак жыйынтыкталат.

*Мисалы:*

-Гапон уюштурган жумушчулардын “Орус коому” жана падышага билдирүү үчүн сунушталган талаптар.

-Дыйкандар союзунун түзүлүшү жана алардын саясий, таптык аң сезиминин жогорулаганын далилдеген кандай талаптар коюлган? Аларды жумушчулардын Орус коомунун талаптары менен салыштыргыла.

-1905-1907-жж. революциянын мүнөзүн жана анын жыйынтыктарынан бир нече мисал келтиргиле.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201-жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых.
**Тема: 5** Биринчи дүйнөлүк согуш
**Өтүү мөөнөтү:** Сентябрдын бешинчи жумасы
**Колдонулган ыкма:** “Мозаика”, бири-бирин окутуу
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар согуштун чыгыш себептерин жана башталышы, жүрүшүн, согуштун аякташы жөнүндө чакан топтордо бирге даярданып, бири-бирине айтып берүү аркылуу кеңири түшүнүк алышат.

**Тарбиялык:** Дүйнөлүк согуш тууралуу түшүнүк алуу менен согуштун зыяндуу кесепеттерин билүү аркылуу, окуучулар Ата Мекенди коргоо, тынчтыкты сактоо сезимдерин ойготушат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучуларга айтып берүүгө даярдануу менен алардын жоопкерчилиги артат, маалыматтарды башкаларга айтып жеткире билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Ар бир топтун санына жараша ар кандай түстөгү номерлер, эки окуучуга бирден кичирейтилип түзүлгөн текст. (**№ 1-2-3-тиркемелер**).(Үлгү катары бул сабактын тиркемелерин көрсөттүм).

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 25–30 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар саноо жолу менен чакан топторго бөлүнөт. Аларга ар кандай түстөгү номерлер таратылат. М.: 1-топко – кызыл 2-топко – көк, 3-топко – сары ж.б. Бул кийин өз тобун табууга жардам берет. (**2–3 мүнөт**).

**2-кадам:** Ар бир топ номерлери боюнча бөлүнүп, кайрадан жаңы топту түзүшөт. М.: 1-номерлер өзүнчө 1-топко, 2-номерлер өзүнчө 2-топко ж.б. Аларга мугалим түзгөн тексттер таратылат, же кичи темалар берилет. М.: 1-топко 1-тиркеме, 2-топко 2-тиркеме ж.б. (**2–3 мүнөт**).

**3-кадам:** Окуучулар берилген тексттерди өз алдынча окуп чыгышат жана бири-бирине суроо берүү, талкуулоо аркылуу башкаларга айтып бергидей деңгээлде даярданышат. (**10 мүнөт**).

**4-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө алар өз топторуна номерлердин түстөрү боюнча (кызылдар өзүнчө, көктөр өзүнчө) келип отурушат. Биринчи тиркемени алган окуучудан баштап, даярданган тексттерин кезектешип бири-бирине айтып беришет. (Ар бир окуучуга **2–3 мүнөт**).

Бардык топтогу окуучулар айтып бүткөндөн кийин канчалык деңгээлде бири-бирине түшүндүрүп айта алгандыгын суроо менен аларга баа коюлуп, үйгө тапшырма берилет. Мугалим калган убактыларын өткөн сабактарды кайталоо, окуучулардын билимин баалоого арнайт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:** Берилген темадан Брусиловдук жарып өтүү , АКШнын согушка кириши жана согуштун аякташы жөнүндө даярданып келип айтып беришет.

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Класста жалпы талкуулоо,суроо түзүү (21-теманы кара)

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, мугалим түзгөн суроолор.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүнөт.

**1-кадам:** Класста жалпы талкуу жүргүзүү үчүн окуучулар теманын аягындагы суроолор менен таанышып чыгышат. Андан кийин теманы окуп, суроолорго жооп берип, талкуулоого даярданышат. Бул теманы мурунку сабакта үйгө тапшырмага берсе да болот. (**10–15 мүнөт**).

**2-кадам:** Мугалим берилген убакыт бүткөндө суроолорду бере баштайт. Окуучулар кол көтөрүп жооп берет. Алардын жалпы башаламан жооп берүүсүнө мүмкүндүк бербөө керек. Ар бир жооптон кийин мугалим “дагы кандай кошумча пикир бар?” деп сурап турат. Бир суроону талкуулап бүткөндєн кийин башка суроого жооп берүүгө өтүшөт. Талкуу учурунда “Алтын эрежелерди” сактоо керек экендиги окуучуларга эскертилет. М.: Ар бир ой баалуу, бири-бирин угуу, бири-бирине үстөмдүк кылбоо, кол көтөрүп жооп берүү. Талкуу учурунда окуучуларга: Эмне үчүн? Эмнеге? Кантип? Кандайча? А эгерде? деген сыяктуу суроолорду берип туруу сунушталат.

**3-кадам:** Талкуу бүткөндө мугалим жалпы тема жөнүндө түшүнүк берүү менен талкууга активдүү катышкан окуучуларга баа коёт. Үйгө тапшырма берип, сабак бүтөт.

**№ 1-тиркеме:**

**Биринчи дүйнөлүк согуш. Согуштун себептери**

Империализмдин өнүгүшү. Империалисттердин ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу, согуштун саясий эки топтун Антантанын жана Үчтүктөр союзунун ортосунда дүйнөнү кайра бөлүштүрүү үчүн биринчи дүйнөлүк согушка алып келди. Үчтүк союзу согуш 1882-жылы Германиянын, Австро-Венгриянын жана Италиянын ортосундагы жашыруу келишимге кол коюу аркылуу түзүлгөн. Бул союз Франция менен Россияга каршы багытталган согуштук-саясий блок болгон.

Антанта союзу 1907-жылы Азияда Англия менен Россиянын ортосундагы карама-каршылыктар, Англия-Россия конвенциясы тарабынан жөнгө салынгандан кийин түзүлгөн. Антанта (макулдашуу) Англия, Франция, Россия кирген башкы карама-каршылык Германия менен Англиянын ортосунда болгон. Германия, Франция менен Россияны начарлатууну, Европага өз үстөмдүгүн орнотууну көздөшкөн.

Австрия-Венгрия Балкандагы өзүнүн таасирин көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүгө умтулган. Англия менен Франция согуш аркылуу Германияны начарлатууга, Осмон империясын бөлүшүп алууга үмүттөнүшкөн. Россия Германия менен Австрия – Венгриянын Балканда жана Жакынкы чыгыштагы таасирине тоскоолдук кылууга, Балкан жана Босфор менен Даниел кысыктарында өз үстөмдүгүн орнотууга кызыккан.

**2-тиркеме:**

**Согуштун башталышы**

Согушка Австрия-Сербиялык жаңжал шылтоо болгон. Австрия-Венгрия армиясынын башка командачысы так мурасчы Франц Фердинанд Босниядагы Маневрга катышууга келген. 1914-жылы 28-июнда Сараеводо Сербиядан келген “Млада Босна” деген революциячыл патриоттуулук уюмдун мүчөсү Принцип Ф.Фердинандды өлтүрүп койгон. Германия бул окуяны шылтоолоп согуш чыгарууну чечти. Ошондо “Австро-Венгрия Сербиянын так мурасчысын сен өлтүрдүң” деп күнөөлөп, согуш жарыялады.

1914-жылы июлдун аягында Австро-Венгриялык аскерлер Сербиянын аймагына басып кириштi. Сербияга колдоо көрсөтөм

деп Россия даярдана баштаганда, Германия 1-августта Россияга,3-августта Россиянын союздашы Францияга согуш жарыялады. Германдык аскерлер Белгияны басып кирди. Белгияны коргойм деген шылтоо менен Англия 4-августта Германияга согуш жарыялады. Бир жагынан Германия менен Австрия-Венгриянын, экинчи жагынан Англиянын. Франциянын жана Россиянын ортосундагы согуш дүйнөлүк согушка айланып, ага 36 өлкө тартылды. Согушка бардык мамлекеттер тарабынан 70 миңден ашык адам катышкан. Дүйнөлүк согуш эки тараптан тең басып алуучулук, адилетсиз мүнөзгө ээ болду.

**№ 3-тиркеме:**

**1914-жылдагы согуштук аракеттер**

Германия "Шлифен" планы боюнча Люксембург менен Белгиянын чек арасын жарып өтүп, Францияны андан кийин Россияны багындырууну көздөгөн. Германиянын аскерлери Белгиянын аскерлерин сүрүп таштап, Францияга кирип барды. Франциянын түндүгүндөгү Англиялык аскерлер артка чегиништи. Өкмөт шаарды убактылуу таштап кетти.

Франция өкмөтү Россияга жардам сурап кайрылган. Россиялык командование эки армиясын чабуулга жөнөткөн. Эки армия биригип чыгыш Пруссияны басып кирди. Ошондо Германия батыш фронттон Францияга чабуул койчу армиянын бир бөлүгүн Пруссияга жиберди. Алар орус армиясын чоң жоготууга учуратып, чыгыш Пруссиядан сүрүп чыгышкан.

Себеби, орустардын эки армиясы макулдашып бирге аракеттене алган эмес. Бирок, түштүктө Россиянын бир нече армиясы Австрия-Венгрия аскерлеринин коргонуусун жарып өтүп, аларды сүрүп таштаган. Австрияга тийиштүү болгон Польшанын бир бөлүгүн жана Голицияны (Б.Украина) ээлеп алышты.

1914-жылы сентябрдагы салгылашка эки тараптан биригип 1,5 миллиондон ашык адам катышкан. Англиялык, Франциялык аскерлер чабуулга өтүшүп, 9-сентябрда немецтер бүткүл фронт боюнча чегине баштаган. Алар чабуулду Сэна дарыясында гана токтото алышкан. Немецтик "чагылгандай" тез согуш планы ишке ашпай калды. Германия эки фронтто согушууга аргасыз болду.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема. 6.** Россиядагы 1917-жылдагы революциялык окуялар

**Өтүү мөөнөтү:** Октябрдын биринчи жумасы.

**Колдонулган ыкма:** Акыркы сөздү мен айтайын, салыштыруу,эки бөлүктүү күндөлүк

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** 1917-жылы февраль революциясынын себептери жана башталышы, кош бийликтин орношу, Октябрь революциясы жеңип, Совет өкмөтүнүн түзүлүшү. РСФСРдын түзүлүшү жөнүндө суроолорго жооп берүү аркылуу кеңири түшүнүк алышат.

**Тарбиялык:** Революциялык чыгуулар, монархиялык бийликти кулатуу, өз укуктарын коргоо үчүн болгон күрөштөр. Окуучуларды эрдикке, кайраттуулукка шыктандырат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Текст менен иштөө, маанилүүлөрүн тандай билүү, ылдам жооп таба билүү, таанып билүүчүлүк жөндөмүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Суроолор, цитаталар жана жооптор, жазылган карточкалар. Мугалим түзгөн тексттер же китепти пайдаланса да болот.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20-25 мүнөт.

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучуларга текст таратылат. Алар текстти окуп, белгилүү даталарды, кызыктуу суроо пайда кылган цитаталарды, негизги окуяларды, карточкалардын бир бетине жазып, экинчи бетине аларга жооп жазышат. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө баасы аз же каалаган окуучулардан бирөө жазган цитатаны окуйт, бирок артындагы жообун окубайт. Мугалим же окуучунун өзү башка окуучулардан цитатага түшүндүрмө берүүсүн сунуш кылат. Окуучулар туура жооп бере алышпаса жообун окуп,айтып берет. Андан кийин башка окуучу суроолорду окуп, ушундай жол менен улана берет.

Таратылган текстеги маанилүү маалыматтардын баары айтылгандан кийин же убакытка жараша суроо-жооп токтотулат.

**3-кадам**: Дептерин экиге бөлүп.сызып алып , 1917-жылы февраль,октябрь революцияларынын чыгыш себептерин, жүрүшүн, натыйжасын салыштырып жазышат.

-Кандай пикир келишпестиктин негизинде Октябрь революциясы чыкты?

**Баалоо:**

**Үй тапшырма:**

## 2-вариант:

**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк.

**Сабактын жабдылышы:** Эки бөлүктүү күндөлүк чийилген флипчарт (№ 1-тиркеме). Тексттер, же окуу китеби.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20-25 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулар доскадагы үлгүнү карап, эки бөлүктүү күндөлүктү дептерине чийишет. Алар китептеги теманы же таратылып берилген тексттерди окуп чыгып, андан эң маанилүү цитата сөз же даталарды тандап алып "цитата" бөлүгүнө жазышат. Ал эми оң жагындагы "комментарий" бөлүгүнө ушул жазган цитата же даталарына комментарий жазышат. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Берилген убакыт бүтүп, тапшырма аткарылгандан кийин каалагандар же баасы аз окуучу биринчи цитатаны окуп, аны түшүндүрүп берет. Мугалим дагы кимде ушуга окшош цитата же түшүндүрмө болсо, ал окуучу дагы окуп, айтып берээрин эскертет. Кезек кийинки окуучуга келип, жооп берүү улантыла берет. Окуучулар аткарган иштерин окуп, айтып бергенден кийин айтылбай калган негизги маалыматтар болсо, мугалим кошумчалап, сабак жыйынтыкталат.

### № 1-тиркеме:

Эки бөлүктүү күндөлүк

| **Цитата** | **Комментарий** |
|---|---|
| | |

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых.

**Тема: 7.** Россия 1918-1920-жылдар

**Окуу мөөнөтү:** Октябрдын экинчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Брест тынчтык келишими анын мааниси, большевиктердин жүргүзгөн саясаты, жарандык согуштун жүрүшү, Орто Азияда совет бийлигинин орношу жөнүндө окуп, күндөлүктү толтуруу аркылуу билимге ээ болушат.

**Тарбиялык:** Жарандык согуштун чыгыш себептери, Антанта интервенттерине каршы күрөш жана андагы советтик аскер башчыларынын көрсөткөн эрдиктери окуучуларды чечкиндүүлүккө, кайраттуулукка шыктандырат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар текст менен иштөө, негизги даталарды, цитаталарды ажырата билүү жана аларга аргументтүү болгон жоопторду таба билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт.

**Сабактын жабдылышы:** Эки бөлүктүү күндөлүк чийилген флипчарт (№ 1-тиркеме). Окуу китеби же мугалим даярдаган тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

*2 вариантты тең иштөө сунушталат.*

**Убакыт:** 20-25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар доскадагы үлгүгө карап, дептерине эки бөлүктүү күндөлүктү чийишет.

**2-кадам:** Китептеги теманы же таратылып берилген тексттерди окуп чыгып, анын кызыктуу, таңгалыштуу, мурда билген маалыматтарды эске түшүргөн жерлерин, цитаталар, белгилүү даталарды күндөлүктүн “цитата” бөлүгүнө жазышат. Ал эми “комментарий” бөлүгүнө цитата, даталарга арналган түшүндүрмө жоопторун жазышат. (**8–10 мүнөт**).

Мында окуучулар ушул цитата, даталарды жазганга эмне түрткү берди, алар кандай ой-пикирлерди пайда кылды, ошого байланыштуу кандай суроолор пайда болду? деген суроолорго ойлонуп, жооп берүүлөрү керек. Себеби, презентация учурунда окуучулар суроо берип калышы мүмкүн.

**3-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө бир окуучу өзүнүн жазган цитатасын жана анын түшүндүрмөлөрүн окуп, айтып берет.Мугалим окуучулардан "дагы ким ушундай цитата,комментарийлерди жазды?" деп сурап турат. Кезек кийинки окуучуга келип, сабак улантыла берет.

Окуучулар аткарган тапшырмаларын презентациялап же бөлүнгөн убакыт бүткөндө, мугалим окуучуларга кимдин цитата-даталары маанилүү жана комментарийлери аргументтүү болгондугун ж.б. суроолорду окуучулардан суроо менен сабак жыйынтыкталат. Эгерде, күндөлүккө камтылбай калган маанилүү маалыматтар болсо, аларды мугалим өзү кошумчалайт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Текст менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тексттер, суроолор.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 15–20 мүнөт

**1-кадам:** Окуучуларга текст таратылып, аларды эки-үч жолу окуп чыгышат. Биринчи жолу кунт коюп өзөктүү идеяларды, аныктамаларды, түшүнүктөрдү, негизги даталарды бөлүп алып, аларды эске тутуулары керек. Экинчи жолу жалпы текстти окуганда түшүнүксүз сөздөр болсо, мугалимге суроо берип, айтууга татаал сөздөрдү кайталап, тилин жатыктырышат. (**10–15 мүнөт**).

**2-кадам:** Мугалимдин алып баруусунда класста жалпы талкуу жүрөт. Ал мурдатан даярдаган суроолорун берет. Ошондой эле талкуу учурунда же талкуунун аягында, окуучуларга кошумча төмөнкүдөй суроолорду берүү сунуш кылынат. (**8–10 мүнөт**).

- Тексттеги негизги идеялар, түшүнүктөр кайсылар деп ойлойсуңар?
- Силер үчүн темадагы кайсы окуялар жаңы жана таңкалыштуу болду?
- Силер кайсы окуяларга макул эмессиңер?
- Бири-бириңерге суроо даярдагыла.
- Ал суроолорго жооп издегиле.

**Тапшырма:**

Окуучулар темадагы негизги маалыматтарга тиешелүү болгон кошумча суроолорду түзөт. Аны түгөйүнө же чакан топторго бөлүнгөн окуучуларга берет жана алар даярданып, жооп беришет. Эгерде, окуучулардын жеке пикирлерине байланыштуу суроолор көбүрөөк берилип, фактыларга (даталар ысымдар) көп жол берилбесе, талкуу кызыктуу болот.

Бул теманы чогуу окуп, бирок суроо түзгөндү окуучуларга чакан темаларга бөлүп берүү сунушталат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых
**Тема: 8.** Согуштан кийинки дүйнө жүзү
**Окуу мөөнөтү:** Октябрдын үчүнчү жумасы
**Колдонулган ыкма:** Кезектешип бири-бирин окутуу
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар Европадагы империялардын кыйрашы Версаль тынчтык келишими жана анын натыйжалары, Улуттук лиганын түзүлүшү жана анын максаты, Вашингтон конференциясы тууралуу окуп, бири-бирине айтып берүү аркылуу түшүнүгүн калыптандырат.

Текст менен иштөө, андагы маалыматтарды өздөштүрүп, башка окуучуларга түшүндүрүп айтып берүү көндүмдөрүн ёнщктщрщшёт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, же мугалим даярдаган тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

*Эки вариантты тең иштөө сунушталат.*

**Убакыт:** 20-25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар саноо жолу менен чакан топторго бөлүнүшөт. Парталарды экиден бириктирип отурушат.

**2-кадам:** Окуучулар ар бир кичи тема боюнча кичирейтип түзүлгөн тексттер таратылып берилет же окуу китеби пайдаланылат. Алар берилген маалыматтарды окуп, бири-бирине айтып жана суроо берүү аркылуу талкулашып, башкаларга айтып берүүгө даярданышат. (**7–10 мүнөт**).

**3-кадам:** Даярдыктан кийин биринчи топ башка топторго тарап отуруп, аларга өздөрү даярданган маалыматтарын айтып беришет (**2–3 мүнөт**) жана ордуна келип отурушат.

Кийинки топтор дагы ушундай жол менен кезектешип айтып берүү аркылуу бардык маалыматтарды өздөштүрөт. Мугалим окуучуларга суроо берүү аркылуу алар бири-бирине канчалык

деңгээлде материалды түшүндүрө алышканын текшерип, баалай алат.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Түгөйү менен иштөө, салыштыруу.

**Сабактын жабдылышы:** Таблица чийилген ватман (мүмкүнчүлүк болсо) же доскага чийсе да болот, эки окуучуга бирден тексттер таратылат.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулардын экөөнө бирден текст таратылат (**№ 2-3-4-тиркемелер**) № 1-тиркемедеги таблицаны дептерине чийишет.

**2-кадам:** Түгөйлөр тексттерди окуп чыгышып, тоталитардык, авторитардык, фашисттик саясий режимдердин айырмачылыктарын жана жалпы белгилерин салыштырып, таблицага жазышат. (**8–10 мүнөт**).

**3-кадам:** Бөлүнгөн убакыт аяктаганда аткарган иштерин окуп, айтып беришет. "Үчөөнүн кайсынысын эң катаал режим деп ойлойсуңар, эмне үчүн?" деген суроого жооп берүү менен сабакты жыйынтыкташат.

**№ 1-тиркеме:**

| Тоталитардык | Авторитардык | Фашисттик |
|---|---|---|
| | | |

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 9.** Америка Кошмо Штаттары

**Өтүү мөөнөтү:** Октябрдын төртүнчү жумасы

**Колдонулган ыкма:** Жалпы бири-бирин окутуу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Дүйнөлүк экономикалык кризис жана анын себептери, Кейсттик теориянын максаты. Ф.Рузвельт жана анын "Жаңы багыт" реформасы жөнүндөгү маалыматтарды бири-бирине жайылтуу менен өздөштүрүүсүн камсыз кылышат.

Окуучулар чакан тексттерди өз алдынча окуп, өздөштүрүп, экономикалык кризиске байланыштуу түшүнүгүн кеңейтишет.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, кыскача маалыматтар жазылган карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

*Эки вариантта тең иштөө сунушталат.*

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучуларга жаңы тема боюнча кыскача маалыматтар жазылган карточкалар таратылат. (Экономикалык кризисттердин себептери жана андан чыгуунун жолдору ж.б.). Бир тапшырманы эки-үч окуучуга берсе да болот.

**2-кадам:** Окуучулар аларды окуп, башкаларга айтып берүүгө даярданышат. Түшүнүксүз жери болсо, мугалимге суроо беришет. (**8-10 мүнөт**).

**3-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө окуп үйрөнгөн маалыматтарын ордунан туруп бири-бирине жолугуп, айтып беришет. (**6–8 мүнөт**). Алар бир окуучунун жанына топтолбостон, ар бири жекече пикир алышып, бири-биринен түшүнгөндүгүн сурап, маалыматтарды бышыкташат. Окуучулар өзүндөгү маалыматтарды башкалар менен бөлүшүп, өзү башкалардан үйрөнөт. Тапшырманын негизги мааниси мына ушунда экендигин мугалим окуучуларга түшүндүрөт.

Акырында ким канча маалымат алганын сурап, мугалим баа коёт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

*Мугалимге нускама:*

Мугалим экономикалык кризистин себептерин бир нече карточкаларга бөлүп жазат.

*Мисалы:*

-1920-жылдары көп мамлекеттерде тышкы соодадан жана салыктардан алынган кирешенин,армияны каржылоого жана куралданууга көп чыгымдалуусунан экономикалык кризис башталган.

-Айыл чарба азык-түлүктөрүнө болгон суроо талап мурдагы деңгээлде сакталып турса дагы Европада,Америкада,Австралияда аларды көп өндүрүү улантыла берген.Ошондуктан, азык-түлүк баасынын төмөндөшүнө жана фермердик чарбалардын бөлүнүшүнө алып келгендиктен айыл чарбада экономикалык кризис башталган.

Мына ушундай эки-үч сүйлөм менен экономикалык кризистин себептери Кейнстин теориясы жана анын мааниси, кризистин коомчулукка тийгизген тескери таасири,Рузвельттин “жаңы багыты”, улуттук өнөр жайды калыбына келтирүү жөнүндөгү мыйзам ж.б. жөнүндө жазылган карточкалар даярдалат.

Мугалим биринчи вариант үчүн даярдалган карточкаларга тиешелүү суроолорду даярдап коет жана теманын аягындагы суроолордон дагы пайдаланат.

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Класста жалпы талкуулоо,суроо түзүү (21-теманы кара)

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, мугалим түзгөн суроолор жана тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт.

**1-кадам:** Класска жалпы талкуу жүргүзүү үчүн окуучуларга текст таратылат же окуу китебин пайдаланышат. Аларды кунт коюп окуп чыгышып, суроолорго жооп берүүгө, талкууга катышууга даярданышат. Бул тема үйгө тапшырмага берилип, окуучулар үйлөрүнөн даярданса да болот. (**8–10 мүнөт**). Мугалим

аларга Алтын эрежени сактоону эскертет. М.: Ар бир ой баалуу, бири-бирин угуу, сындабоо ж.б.

**2-кадам:** Мугалим даярдаган суроолорун жалпы класска берип, талкуу башталат. Бирок, жоопту жеке окуучулар сурайт. Айтылган пикирлерди доскага кыскача жазып турат. Окуучунун ар бир жообунан кийин, кимде кандай пикир, кошумчалар бар деп сурап туруу керек. Бир суроону талкуулап бүткөндөн кийин башка суроого өтүп, сабак уланат. Бардык суроолорго жооп берип, талкуу бүткөндө мугалим сабакка активдүү катышкан окуучуларды баалап, сабакты жыйынтыктайт. Сабактын башында эки-үч окуучудан эксперттик топ түзүп койсо, алар ким канча жана кандай жооп бергендигин белгилеп, баалап турушат.

*Мугалимге нускама*

2-вариант үчүн түзүлгөн суроолор

Мисалы:

-Эмне үчүн экономикалык кризис пайда болду жана аны болтурбай койсо болот беле?

-Айыл чарбасында,фонд биржаларында,өнөр жай жай өндүрүшүндөгү кризистер эмнелерге байланыштуу келип чыккандыгын салыштыруу менен далилдегиле.

-Англиялык экономист Дж.Кейнс кризисти жоготуунун кандай жолдорун сунуштады ж.б. (Мугалим дагы кошумчалайт).

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых
**Тема: 10.** Борбордук жана Түштүк чыгыш Европа өлкөлөрү
**Өтүү мөөнөтү:** Октябрдын бешинчи жумасы
**Колдонулган ыкма:** Коллективде иштөө, салыштыруу
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Германияда улуттук партиянын бийликке келиши жана фашисттик диктатуранын орнотулушу, Гитлердик бийликтин ички-тышкы саясаты тууралуу суроолорго жооп берүү аркылуу билимин кеңейтишет.

Берилген суроого ылдам, тапкычтык менен жооп бере билүү билгичтиги жана көндүмдөрүнө ээ болушат.

Салыштырып иштөө учурунда тексттер менен иштөө, алардын артыкчылыктарын ажырата билүү ыкмаларын үйрөнүшөт.

**Тарбиялык:** Чыгыш Европада улутчулардын жана фашисттик диктатуранын бийликке келиши жана алардын иш-аракеттери тууралуу түшүнүк алуу аркылуу дүйнөгө болгон көз карашы боюнча адилеттүүлүккө , гумандуулукка тарбияланышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар ой жүгүртүүсүн, таанып-билүүчүлүк жөндөмүн өнүктүрөт , жалпы саясий жактан өнүгүүсүн калыптандырат. Интеллектуалдык деңгээлдери жогорулайт.

**Сабактын жабдылышы:** Мугалим окуучулар менен бирдикте даярдаган бирден суроо жазылган карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

*Эки вариантты тең иштөө сунушталат.*

**Убакыт:** 20-25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**Эскертүү:** Окуучулар бул темага үйдөн даярданып келишет.

**1-кадам:** Окуучулар тегерек тартып турушат (же ордунда отурушат) алардын бирөө алып баруучу болуп дайындалат жана эксперттик топ да түзүлөт.

**2-кадам:** Ал карточкалар салынган кутучаны алып, сааттын жебеси боюнча айлантып, окуучуларга кезек менен таратат.

Карточканы алган окуучу андагы суроого дароо жооп бериши керек. Эгерде жооп бере албаса, алып баруучу ал суроону бүтүндөй класска сунуш кылат. Жообун билген окуучу кол көтөрүп, жооп берет. Ушундай жол менен жооп берүү акыркы окуучуга же карточка түзгөнгө чейин уланат.

**3-кадам:** Мугалим эксперттик топ менен бирге кайсы суроолор маанилүү жана кызыктуу болгондугун, ким көп суроого туура жооп бергендигин аныктап баа коёт.

**Үйгө тапшырма** §11 окуп келишет.

*Коллективде иштөө үчүн суроолор*

Эгерде окуучулардын саны көптүк кылса.суроолор жазылган карточкаларды баасы жетиштүү окуучуларга таратпай койсо да болот.

-Өнүгүүнүн канча жана кандай багыттагы моделдерин билесинер?

-Авторитардык жана тоталитардык багыттагы моделдерге мүнөздөмө бергиле.

-Германияга экономикалык кризистин кандай таасири тийген,мисал келтиргиле?

-УСНЖП саны көбөйүп массалык партияга айланышына эмнелер себеп болгон?

-Улутчулдуктун эң маанилүү куралы болуп кайсы ураандар эсептелинген?

-Адольф Гитлер ким болгон? Анын программасы жана анда эмнелер жөнүндө белгиленген?

-Фашисттик теория боюнча төмөнкү расаларга кимдер кирген? Фашисттердин еврейлерге жан славяндарга мамилеси кандай болгон?

Теманын аягындагы суроолор да пайдаланылат. (Мугалим дагы кошумчалайт).

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Салыштыруу, түгөйү менен иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим даярдаган текст, салыштыруу таблицасы.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 15–20 мүнөт

- Окуучулар № 1-тиркемедеги таблицаны дептерине чийишет.
- Окуу китебин же мугалим тараткан тексттерди ж.б. кошумча маалыматтарды пайдаланып, алардын окшош жактарын жана өзгөчөлүктөрүн салыштырып жазышат. (8–10 мүнөт). Убакыт

бүткөндө түгөйлөрдүн бири аларды окуп, айтып беришет (8–10 мүнөт).

**№ 1-тиркеме:**

| Демократиялык | Авторитардык | Тоталитардык |
|---|---|---|
| | | |

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 11.** Франциядагы элдик фронт. Испаниядагы жарандык согуш

**Өтүү мөөнөтү:** Ноябрдын экинчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Биргелешип издөө усулу.

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Экономикалык кризис жылдарында Франциядагы саясий абал, Парламенттеги кризис жана Франциядагы фашизм, элдик фронттун түзүлүшү тууралуу суроолорго бирге жооп берүү аркылуу билимин, маалыматын жогорулатышат.

**Тарбиялык:** Окуучулар азыркы мезгилге чейин пайда болцп жаткан, улутчулдуктун, фашизмдин терс жактарын ажырата билүүгө тарбияланышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар текст менен иштеп даярдануу, берилген суроолорго жооп берүү менен талкууларга катышуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, мугалим түзгөн тексттер жана суроолор.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучуларга текст таратылып, аны көңүл коюп окуп чыгышат. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө мугалим темага байланыштуу мурдатан түзгөн сүрөмөлөөчү суроолорун берип талкуу жүрөт. Бул суроолор биргелешип издөө методун ийгиликтүү колдонуунун ачкычы болууга тийиш.

**3-кадам:** Мугалим жоопту жалпы укпастан, ар бир окуучунун жеке пикирин угуп жана башкалардын пикирин да сурап турушу керек. Эгер окуучу туура эмес жооп берсе, анын жообун мугалим кайталап айтат. Бул учурда окуучу өзүнүн туура эмес

жооп берип жаткандыгын түшүнүп, туура жооп табууга аракеттенет. (Чагылдыруу ыкмасы). (**12–15 мүнөт**).

Биргелешип издөө дискуссиясында мугалим эмнеге көңүл буруусу керек:

- Кызыктуу суроолорду пайда кыла турган текстти тандоо же түзүү.
- Өзүңүздү билерман же байкагыч кылып көргөзбөө.
- Талкуу учурунда темадан четтебөө.
- Суроолордун баарына жооп алууга аракеттенбөө.

**4-кадам:** Биргелешип жооп издөө аркылуу бардык суроолорго жооп бергенден кийин, мугалим өзгөчөлөнүп жооп берген окуучуларга баа коюп, сабакты жыйынтыктайт.

**БИМде колдонулуучу суроолор**

-Францияда экономикалык кризис качан башталган жана анын айыл тчарбасына тийгизген таасири.

-Шаардагы жумушчулар жан кызматчыларга ж.б. ишкерлерге экономикалык кризистин тийгизген таасири.

-Өлкөдөгү саясий абалдын туруксуздугун далтлдеген бир нече мисалдарды келтиргиле.

Мисалы: 1929-1932-жылдары оңчул партиялар башкарган сегиз өкмөт алмашкан ж.б.у.с.

-Франциядагы фашисттикуюмдардвн максаттары жана негизги идеологиясы.

-Франциядагы фашизмдин өзгөчөлүктөрү жана алрга экономикалык кризистин тийгизген таасири ж.б.

Суроолор окуучуларга бөлүнүп берилүүчү теманын кызыктуу жана маанилүү бөлүгүнөн түзүлөт. Теманын аягындагы суроолор дагы пайдаланылат.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Жалпы бири-бирин окутуу

**Сабактын жабдылышы:** Ар бир окуучуга кыскача маалыматтар жазылган карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25 мүнөт

**1-кадам:** Окуучуларга темага байланыштуу кыскача маалыматтар жазылган карточкалар таратылат. Бир тапшырманы эки-үч окуучуга берсе да болот. Окуучулар аларды окуп чыгып, түшүнүксүз жери болсо, мугалимге суроо берет. (**5–7 мүнөт**).

Мугалим тапшырманы түшүндүргөндөн кийин, бул эрежелерди окуучуларга эскертет:

•Регламентти сактоо

•Бири-бирин көңүл коюп угуу жана эсте тутуу.

• Маалыматтарды мүмкүн болушунча көп сандаган окуучуларга таратуу.

•Сүйлөп жатканда бири-биринин сөзүн бузбоо

**2-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө, бардыгы ордунан туруп окуп, үйрөнгөн маалыматтарын бири-бирине кыдырып айтып беришет. (**8–10 мүнөт**). Алар бир окуучунун тегерегине чогулбастан экиден биригип пикир алышуулары керек. Тапшырманын мааниси окуучулар өзү билген маалыматтарды башкалар менен бөлүшүп, өзү башкалардан үйрөнгөндүгүндө экендигин мугалим окуучуларга эскертет.

**3-кадам:** Бөлүнгөн убакыт бүткөндө мугалим окуучулардан ким канча маалымат алгандыгын жана башка окуучуларга айтып бергендигин сурайт. Бааса аз же каалаган окуучулар мисал келтирип айтып беришет. Өзгөчөлөнгөн окуучуларга баа коюлат. **(10 мүнөт**).

**Рефлексиялык суроолор:**

- Бул сабактан силер эмнелерге (кандай билгичтиктерге, көндүмдөргө) үйрөндүңөр?
- Башка сабактардан эмнеси менен айырмаланды?
- Сабак кызыктуу болдубу?

*Мугалимге нускама:*

Жалпы бири-бирин окутуу үчүн теманын маанилүү жеринен алып, 2-3 сүйлөм жазылган карточка түзүү керек

Мисалы: Францияда экономикалык кризис 1930-жылдын аягында башталып, айыл чарбасына катуу сокку урат.. Азык-түлүктөрдөн эттин, шараптын, мөмө-жемиштердин баасы төмөндөп, дыйкандар сатып өткөрө албагандыктан аларды жок кыла баштаган.Дыйкандардын банктарга болгон карызы көбөйгөн.

Булардан сырткары даталуу окуялар, ар түрдүү аныктамалар жана түшүндүрмөлөр жазылат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201-жыл | колу | |
| Бекитемин | 20 __-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых
**Тема: 12.** СССР 20-30-жылдар
**Өтүү мөөнөтү:** Ноябрдын үчүнчү жумасы
**Колдонулган ыкма:** Класста жалпы талкуулоо
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** "Аскердик коммунизм" саясаты В.И.Лениндин жаңы экономикалык саясатка өтүү жөнүндө жарыялашы жана анын мааниси. СССРди түзүүнүн себептери жана принциптери, тууралуу класста жалпы талкуулоо аркылуу билимин бышыкташат.

- Талкуу учурунда "Аскердик коммунизм" саясаты менен жаңы экономикалык саясаттарынын өзгөчөлүктөрүн салыштырып окуу жана талкуулоо аркылуу аларды ажыратып далилдей билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт.
- Кыргыз автономиялык ССРинин жарыяланышы тууралуу маалымат алуу, анын кыргыз элинин тарыхындагы маанисин түшүнүү менен окуучуларда сыймыктануу сезимин пайда кылат.

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 20-25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Окуучуларга бул теманы мурунку сабакта окуп келүүгө тапшырма берилет. Талкуу башталаар алдында, окуучуларга, сабактын жүрүшүндө "Алтын эрежелерди" колдонуу керектиги эскертилет.

**М.:** Ар бир ой баалуу, бири-бирин уга билүү, сыйлоо, сындабоо, кол көтөрүп жооп берүү. Ошондой эле эксперттик топ түзүлүп, алар талкуунун жүрүшүнө жана берилген жооптордун тууралыгына көз салат.

**1-кадам:** Талкуу башталып, мугалим даярдаган суроолорун жалпы класска берет, бирок жоопту жеке окуучулардан сурайт. Ар бир суроо-жооптон кийин мугалим "дагы башка пикир барбы?" деп сурап турат.

**2-кадам:** Берилген убакыт жана даярдалган суроолорго жооп алынып бүткөндө, “берилген суроолорго толук жооп алдыкпы, кимдин кошумчасы бар?” деген суроо менен талкуу жыйынтыкталат.

Мугалим эксперттик топ менен бирдикте талкууга активдүү катышкан окуучуларды жана алардын берген жоопторун баалайт.

*Класста жалпы талкуулоо үчүн суроолор*

-Советтик статистика боюнча алганда большевиктерге каршы дыйкандардын канча козголоңу чыккан жана эмне себептен?

-“Махно” деген ким болгон? Ал эмне үчүн “ бир дагы бийлик өзүнүн эркин эл массасына таңуулоого акысы жок” деп билдирген?

-Жаңы экономикалык саясатка өткөн мезгилде өнөр жайда кандай өзгөрүүлөр болгон?

Мугалим дагы өзү улантат жана теманын аягындагы суроолор пайдаланылат.

**Баалоо:**

**Үй тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Чаташкан логикалык чынжырлар

**Сабактын жабдылышы:** Хронологиялык жана окуялар чынжырлары жазылган карточкалар. № 1-тиркеме.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

**1-кадам:** Мугалим берилген темадан хронологиялык жана негизги окуялар чынжырларын түзүп, карточкаларга жазат. Аларды аралаштырып досканын четине коёт же бир нерсеге салып, окуучулар кармап турат.

**2-кадам:** Мугалим баасы аз же болбосо каалаган окуучуларды кезек менен чакырат. Алар ар бир окуяны же даталарды ирээти менен чынжыры боюнча досканын кырына же алдыңкы партага коюшат. Бардык карточкалар тизилип бүткөндөн кийин бир окуучу аларды байланыштырып окуп чыгат.

**3-кадам:** Окуучулардын бардыгы бир пикирге келгенден кийин мугалим № 1-тиркемени окуп берет. Окуучулар өздөрү түзгөн даталар менен окуяларды тууралыгын текшерет.

**4-кадам:** Мугалим сабактын түзүлүшүндө камтылбай калган маалыматтар болсо кошумча айтып берип, балдардын билимин баалоо менен сабакты жыйынтыктайт.

**№ 1-тиркеме:**

ЧЛЧ жазылган карточкалар.

Ар бири 1–3 сүйлөмдөн туруп, темадагы негизги маалыматтарды камтыган бир нече карточкалар жазылат.

**Мисалы:**

-1921-жылдын башында жарандык согуш аяктап совет бийлиги бекемделди. Бирок улантылып жаткан “Аскердик коммунизм” саясаты айыл жерлеринде наразычылыкты жараткан.

-Борборлоштуруу дайыма саясий диктатура коркунучун жаратат.1920-1930-жылдары Советтик Россия борборлоштурулган пландуу экономикага өтүп тоталитардык коммунисттик бийликти орното баштаган ж.б.

(Мугалим кошумчалайт)

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых.

**Тема: 13.** СССРде тоталитардык системанын калыптанышы

**Өтүү мөөнөтү:** Ноябрдын төртүнчү жумасы

**Колдонулган ыкма:** Бири-бирин окутуу, ийрек (зигзаг).

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Өлкөнү индустриялаштыруу, коллективдештирүүнүн башталышы жана дыйкандардын кулакка тартылышы жөнүндө окуп, чакан топтордо бири-бирине айтып берүү менен билим алышат.

- Тоталитардык системанын калыптанышы, саясий бийликтеги партиянын ролу жана массалык репрессиялоо тууралуу билимдерди өздөштүрүү аркылуу алардын өлкөгө тийгизген кесепеттери жөнүндө маалымат алышат, ойлонот, баа беришет.
- Башкаларга айтып берүүдө көңүл коюп угуу, маанилүүлүгү боюнча ажырата билүү, башкаларга аргументтүү, түшүнүктүү түрдө айтып берүү жөндөмүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим даярдаган тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

*Экинчи вариантты биринчи өтүү сунушталат.*

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар парталарды бириктирип, 1ден 4–6га чейин санап, чакан топторго бөлүнүп отурушат. Алар “кооперативдик топ” деп аталат.

**2-кадам:** Ал топтордон бир деген номерлер өзүнчө, экинчилер өзүнчө ж.б. биригип кайрадан жаңы топторду түзүшүп, “эксперттик топ” деп аталышат. Аларга теманын негизги маалыматтарын камтыган мугалим түзгөн тексттер таратылат. Китептеги кичи темаларды бөлүштүрүп берсе да болот.

**3-кадам:** Эксперттик топтор өз алдынча тексттерди окуп даярданат. Бири-бирине суроо берип, даярдыктарын текшеришет. **(7-10 мүнөт**).

**4-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө окуучулар өздөрүнүн менчик кооперативдик топторуна кайтып келишет да, эксперттик топто алган маалыматтарын бири-бирине кезектешип айтып беришет. Мугалим аларга суроо берүү аркылуу окуучулардын канчалык деңгээлде даярданып, өздөштүргөн деңгээлин баалайт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:** §14 окуп, суроолорду түзүп келүү

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Коллективде иштөө

**Сабактын жабдылышы:** Мугалим даярдаган бирден суроо жазылган карточкалар жана аларды салган кутуча.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 10–15 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулар тегерек тартып турушат (же ордунда отурушат), алардын бирөө алып баруучу болуп дайындалат. Ал карточкалар салынган кутучаны алып, сааттын жебеси боюнча окуучуларга кезек менен таратат. Карточканы алган окуучу дароо жооп берүүсү керек.

**2-кадам:** Эгерде жооп бере албаса, ал суроону алып баруучу бүт класстан сурайт. Кезек кийинки окуучуга келип, жооп берүү улана берет. Берилген убакыт же карточкалар түгөнгөндө суроо-жооп токтойт.

**3-кадам:** Мугалим алып баруучу окуучудан кайсы суроолорго жооп берилбей калгандыгын сурайт. Эгерде ошондой суроо болсо, балдарга сүрөмөлөөчү суроо берүү аркылуу биргелешип жооп беришет. Мугалим жалпы теманы толуктап, окуучуларга айтып берип, алардын билимин баалап, сабак бүтөт.

**Рефлексия:**

- Сабакты ушундай ыкмада өтүүнүн кандай артыкчылыктарын көрдүңөр?
- Кайсы суроолор кызыктуу болду?

*Коллективде иштөө үчүн түзүлгөн суроолор*

•Индустриялаштырууга чейинки советтик экономиканын абалы

• Индустриялаштыруу жана анын негизги максаттары

• Беш жылдык пландар эмне үчүн иштелип чыккан жана -1-беш жылдыктын жыйынтыктары.

• 2-беш жылдык жана анын жетишкендиктери, анын биринчи беш жылдыктан болгон өзгөчөлүктөрү.

• Тоталитардык системанын калыптанышын эмнеден көрүүгө болот?

•Сталиндин керт башына сыйынуучулук кантип калыптанган? Мисал келтиргиле.

• Массалык репрессия качан, кимдерге каршы жүргүзүлгөн?

Мугалим дагы кошумча суроо түзөт жана китептин аягындагы суроолорду пайдаланат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 20__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых
**Тема: 14.** Азия өлкөлөрү
**Өтүү мөөнөтү:** Декабрдын биринчи жумасы
**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар Индия, Түркиядагы колониялык системанын революциялык жол менен жоюлушу, Индиялык Улуттук Конгресстин жана Коммунисттик партиянын түзүлүшү, британиялык башкаруу тууралуу окуп, текст менен иштөө ыкмасын, көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Тарбиялык:** Колонизаторлорго каршы күрөш, саясий партиялардын пайда болушу окуучуларды өз Ата Журтунун боштондугун баалай билүүгө, чечкиндүүлүккө шыктандырат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Берилген темадан маанилүүлөрүн талдап ажырата билүү, аны окуучуларга аргументтеп айтып берүү, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, сынчыл ойлонуу жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим тарабынан даярдалган тексттер, эки бөлүктүү күндөлүктүн таблицасы доскага илинет же чийилет. (**№ 1-тиркеме. 7-теманы караңыз**):

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 20–25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар доскадагы үлгүгө карап дептерине эки бөлүктүү күндөлүктүн таблицасын чийишет. Мугалим же окуучу таратып берген тексттин же окуу китебин пайдаланып, андагы кызыктуу, маанилүү, мурда билген маалыматтарыңарды эске түшүргөн жерлерин, цитаталар, белгилүү даталарды күндөлүктүн “ цитата” бөлүгүнө жазышат. (**8–10 мүнөт**). Ал эми “комментарий” бөлүгүнө цитата, даталарга ж.б. арналган түшүндүрмө жоопторун жазышат. (**8–10 мүнөт**).

Окуучулар “Ушул маалыматтарды жазып, жооп бергенге эмне түрткү берди? Алар кандай ой пикирлерди, суроолорду пайда кылды?” деген суролорго ойлонуп жооп берүүлөрү керек. Себеби, презентация учурунда мугалим же окуучулар тарабынан ушул сыяктуу суроолор берилип калуусу мүмкүн.

**2-кадам:** Белгиленген убакыт бүткөндө окуучулардын бири өзүнүн жазган цитата, комментарийлерин окуп, айтып беришет. Эгерде кимде ушуга окшош цитата же комментарий болсо, кол көтөрүп ал дагы окуп айтып берет. Мугалим же окуучулар суроо беришип, жооп алышат. Бардык окуучулар аткарган иштерин айтып бергенде же берилген убакыт бүткөндө мугалим кимдин цитаталары маанилүү жана комментарийлери аргументтүү болгондугун окуучулардан сурап баалоо менен сабак жыйынтыкталат. Эгерде, эки бөлүктүү күндөлүккө камтылбай калган маанилүү маалыматтар болсо, аларды мугалим толуктайт.

**Баалоо:**

**Үй-тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Чакан топтордо иштөө, таанып-билүү дарагы.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, скотч, күн мурунтан түзгөн суроолор. Таанып-билүү дарагы тартылган флипчарт, ар түрдүү түстөгү карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20-25 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулар саноо жолу менен чакан топторго бөлүнөт. Ар бир топ үйдөн даярдап келген суроолорун окуп, жалпы класска сунуштоо үчүн алардын ичинен маанилүү жана кызыктуу суроолорду тандашат. Суроолордун саны топтордун санына жараша болот. Эгерде эки-үч топ болсо, ар бири бештен кем эмес, беш-алты топ болсо эки-үчтөн эле суроо сунушталат. (**7–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Суроолор карточкаларга жазылып, доаскадагы таанып-билүү дарагына жабыштырылат. Ар бир топ ар кандай түстөгү карточкаларды пайдаланат. (Өз суроолорун билүү үчүн)

**3-кадам:** Окуучулар кезек менен доскага чыгып, башка топтордун суроолорунан алышат. Өз топторуна келип, чогуу даярданып, жооп бере албаса, суроо берген топ өзү жооп берет. (Ар бир топко **2–3 мүнөт**). Жооп берилбей калган суроолорго

муғалим жардамдашат. Ал кошумча сурооолорду берүү  аркылуу окуучуларга жол көрсөтөт.

**4-кадам:** Суроолордо камтылбай калган негизги маалыматтарга токтолуп, сабакты жыйынтыктайт.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы.**

**9-класс.** Соңку тарых.

**Тема: 15.** Түркия

**Өтүү мөөнөтү:** Декабрдын экинчи жумасы.

**Колдонулган ыкма:** Чакан топтордо иштөө, суроолор дарагы,түгөйү менен иштөө.

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар XX- кылымдын башында Осмон империясынын алсырашы, түрк элинин боштондук күрөшүнё Мустафа Кемалдын жетекчилик кылышы. Анын жаңы реформаларынын башталышы тууралуу чакан топтордо иликтеп изилдөө менен билимин тереңдетишет.

**Тарбиялык:** М.Кемалдын жаңы турмушка негизделген реформалары, өз эли-жерине сиңирген эмгеги, окуучуларда сыймыктануу сезимин пайда кылат, шыктандырат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Чакан топтордо иштеген окуучулар бирге чечим кабыл алууга, көз караштарын калыптандырууга бири-бирин уга билүү, аткарган иштерин башкаларга аргументтүү түрдө презентациялап берүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим даярдаган тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25-30 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар сабак башталаар алдында парталарды экиден бириктирип жайгаштырат (мурдатан даярдап койсо да болот). Окуучулардын курамы ар түрдүү болуусу үчүн саноо жолу менен 5 топко бөлүнүп отурушат. Мугалим аларды доскада илинип турган “Негизги эреже” менен тааныштырат.

**2-кадам:** Аларга мугалим түзгөн текст жана негизги маалыматтарды камтыган суроолор таратылат же окуу китептерин пайдаланышат.

**1-топ.** Түркиянын социалдык саясий абалы. “Натыйжада Осмон дөөлөтү” деген жерге чейин

**2-топ**.Ушул теманын “XX-кылымдын башында Осмон дөөлөтү” дегенге чейин.

**3-топ.** Кемал жетектеген түрк элинин улуттук боштондук күрөшү.

**4-топ.** Ататүрктүн реформалары боюнча даярданышат. Шайлоого жана шайланууга укуктуу дегенге чейин.

**5-топ**. Экономикалык реформалардан баштап аягына чейин аткарышат.

**3-кадам:** Окуучулар өз топторунда берилген теманы окуп, негизги суроолорго жооп бере башташат.Негизги аткарылган иштерди кыскача тизмелеп жазышат. Айтылган жоопторду (идеяларды) катчы кыскача ватманга же дептерине жазып турат. Окуучулар топто иштөөнү оюн катары кабыл алып сүйлөшүп отуруп алуусуна жол бербөө керек. Себеби, сабак максатына жетпей калат. (**8–10 мүнөт**).

**4-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө ар бир топтон бирден окуучу берилген суроолорго жооп берет. Эгерде тапшырманы ватманга аткарышса, аны доскага илип презентациялап беришет. Мугалимдин жана окуучулардын суроолоруна жооп беришет. (**2-3 мүнөт**).

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Суроолор дарагы, түгөйү менен иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, суроолор дарагы тартылган ватман, түстүү кагаздан кесилген алма, алмурут, жүзүмдүн ж.б. карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүнөт

**1-кадам:** Окуучуларга окуу китебинен тема берилет же текст таратылат. Алар өз алдынча окуп чыгып, бирден суроо түзүшөт.

**2-кадам:** Түгөйү менен иштөө: ал суроолорду экөө салыштырып өз ойлорун айтышат, ондоп кошумчалайт. Аларды кагаздан кесилген алмага, жүзүм шингилине жана башкаларга жазышат. (**7–10 мүнөт**). (Мындан кийин убакыт болсо топторго бөлүнүп суроолорду салыштырып маанилүүлөрүн тандагандан кийин алма, жүзүм ж.б. карточкаларга дагы жазышса болот).

**3-кадам:** Ватманга тартылган жашыл даракка суроолорду илишет.

**4-кадам:** Түгөйлөрдүн же топтогулардын бири чыгып суроолорду кезек менен окуп берет. Окуучулар суроолорго жооп беришет жана толукташат. Эгерде жооп берилбей калса, суроону түзгөн түгөйлөр жооп берет. (**10 мүнөт**).

**5-кадам:** Мугалим "жашыл даракка илинген суроолордун баарына жооп бердикпи?" деген суроо берип, кимдин суроолору маанилүү, кызыктуу болгондугун, аларга кимдер туура аргументтүү жооп бергендигин сурап баалоо менен сабакты жыйынтыктайт. Теманын калган бөлүгүн окуучуларга толуктап айтып берет. (**10 мүнөт**).

**Рефлексия:**

- Суроо түзүүдө кандай кыйынчылыктар болду?
- Түгөйүңөр менен суроолорду салыштырып, талкуулаганда пикири келишпестиктер болдубу?
- Кайсы суроолор кызыктуу болду?
- Сабак тууралуу пикириңер кандай?

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 20__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 16.** 20-30-жылдардагы эл аралык мамилелер

**Өтүү мөөнөтү:** Декабрдын төртүнчү жумасы.

**Колдонулган ыкма:** Чаташкан логикалык чынжырлар, салыштыруу, талкуулоо

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** 1920-жылдары эл аралык мамилелердин курчушу, 1930-жылдары согуштун эки очогунун пайда болушу, Мюнхен макулдашуусу, Москвадагы Англия, Франция СССРдин сүйлөшүүлөрүн окуп, чаташкан окуяларды, даталарды ирээттеп ордуна коюу менен кеңири түшүнүк алышат.

**Тарбиялык:** Саясий жана эл аралык мамилелер тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү менен эл аралык абалды анализдеп, баа бере алышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Берилген темадагы негизги окуялар, жазылган карточкаларды ireттеп, байланыштырып тизүү аркылуу, өздөрүнүн логикалык ой жүгүртүү билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өнүктүрөт.

**Сабактын жабдылышы:** Негизги окуялар, даталар жазылган карточкалар. № 1-тиркеме.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Берилген темадан негизги окуяларды, даталарды катары менен карточкаларга жазат. Сабак башталаарда аларды аралаштырып досканын кырына же алдыңкы партага коёт.

**2-кадам:** Мугалим каалоочуларды же баасы аз окуучуларды кезек менен чакырат. Алар ар бир карточканы окуп чыгып окуяларды, даталарды чынжыр түрүндө байланыштырып тизип чыгышат. Бардык карточкалар тизилип бүткөндөн кийин окуучулардын бири аларды байланыштырып окуп чыгат.

Калгандары алардын туура жайгаштырылганы тууралуу өз пикирлерин айтышат.

**3-кадам:** Мугалим № 1-тиркемедеги логикалуу чынжырлар карточкаларын окуп берип, окуучулар өздөрүнүн ишин текшеришет.

**4-кадам:** 4-кадам: Окуучулар

• Империалисттик өлкөлөр ортосундагы карама-каршылыктар

• Согуштук эки очоктун пайда болушу

• “Берлин-Рим-Токио” үчтүктөр союзу

• Советтик Германиялык кол салышпоо бүтүмү жөнүндө окуп, алардын себебин, натыйжасын айтып берет.

**Баалоо**

**Үйгө тапшырма**

**№ 1-тиркеме**

(Мугалим түзгөн чаташкан логикалуу чынжырлар. Ар бири 1–3 сүйлөмдөн турган, темадагы негизги маалыматтар жазылган бир нече карточкалар даярдалат). Алар ар бир кичи теманын негизинде түзүлөт(12-тема 2-вариантты кара)

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Негизги терминдер, түгөйү менен иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30–35 мүнөт

**1-кадам:** Мугалим берилген темадан (тексттерден) бир нече негизги терминдерди (сөздөрдү) тандап алып, доскага тик ылдый жазат да, акыл чабуулун өткөрөт. Окуучулар кайсы сөз эмнени түшүндүрөөрүн айтып, алар доскадагы терминдердин тушуна жазылат. (**3–5 мүнөт**).

**2-кадам:** Окуучулар түгөйлөрү менен өтүлө турган жаңы темада, бул сөздөр кандайча колдонулаарын божомолдоп ойлонушат. Бир жыйынтыкка келгенден кийин кол көтөрүп айтып беришет. Андан кийин мугалим аларга текстти окуу менен сөздөрдүн тийиштүү мааниде колдонулуп жаткандыгын текшерүүнү сунуштайт.

**3-кадам:** Окуучулар доскадагы терминдердин кантип колдонулаарын канчалык туура табышкандыгын текшеришет. Кимдин божомолдору туура чыкккандыгын айтышат. Бул тапшырманы кичи темаларга бөлүп аткаруу менен бардык теманы

өздөштүрсө  болот (ар бир кичи темага **5–7 мүнөт**). Кайсы окуучулардын айткандары  көбүрөөк дал келсе, мугалим аларга баа коёт.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 20__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых.
**Тема:** Өткөн теманы кайталоо
**Өтүү мөөнөтү:** Декабрдын бешинчи жумасы
**Колдонулган ыкма:** Коллективде иштөө

**Сабактын максаты:** Өткөн сабактардан алган билимдерин системалаштырат, берилген суроолорго ылдам жооп берүү аркылуу ой жүгүртүү жана тапкычтык жөндөмүн өнүктүрөт, окуучулар интеллектуалдык деңгээлин жогорулатышат.

**Сабактын жабдылышы:** Бирден суроо жазылган карточкалар, окуу китеби.

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 20–25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Окуучулар өтүлгөн темаларды кайталап, даярданып келишет.

**1-кадам:** Окуучулар тегерек тартып турушат же орундарында отурушса деле болот. Алардын бирөө алып баруучу болуп дайындалат жана эксперттик топ дагы түзүлөт.

**2-кадам:** Алып баруучу, суроолор жазылган карточкалар салынган кутучаны алып, сааттын жебеси боюнча айлантып, окуучуларга кезек менен таратат. Карточканы алган окуучу андагы суроону окуп, дароо жооп берүүсү керек. Эгерде жооп бере албаса, алып баруучу ал суроону бүтүндөй класска берет. Анын жообун билген окуучу кол көтөрүп жооп берет. Алып баруучу кийинки окуучуга өтүп, суроо-жооп улана берет. Ар бир жооптон кийин окуучулардан “кошумча толуктоолор барбы?” деп сурап туруу керек. Бөлүнгөн убакыт же суроо жазылган карточкалар бүткөндө коллективде иштөө токтотулат.

**3-кадам:** Мугалим эксперттик топ менен кеңешип, кайсы суроолор жана жооптор маанилүү, аргементтүү болгондугун аныктап баа коёт. Калган убакытта суроолорго жооп бере албай калган окуучуларга кошумча суроо берип, өткөн темаларды кайталашат.

**Баалоо:**
**Үйгө тапшырма:**

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 20__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых.
**Тема: 17.** Маданий өнүгүү
**Өтүү мөөнөтү:** Январдын үчүнчү жумасы
**Колдонулган ыкма:** Кезектешип бири-бирин окутуу.
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** 1900-1930-жылдардагы илим жана техниканын искусствонун, адабияттын өнүгүшү, улуу чыгармачыл адамдардын алардын өнүгүшүнө кошкон салымы жөнүндө окуп, башкаларга айтып берүү менен кеңири түшүнүк алышат.

**Тарбиялык:** Окуучулар илим жана искусствого болгон көз карашын, эстетикалык табитин, ички маданиятын тарбиялашат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар илим жана искусствонун баалуулуктарын баамдап билүү аркылуу эстетикалык табитин өстүрүшөт. Чакан топторго бөлүнүү, бири-бирине айтып берүү ыкмаларын өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, окуучуларга бирден текст. (**№ 1-2-3-4-тиркемелер**).

**Сабактын жүрүшү:**

*Эки вариантты тең иштөө сунушталат.*

**Убакыт:**20- 25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар төрт чакан топторго саноо жолу менен бөлүнүшөт. Ар бир топко экөөнө бирден текст таратылат же китептеги кичи темалар берилет. Окуучулар көбүрөөк болсо, бир тапшырма эки топко берилет.

**2-кадам:** Берилген тексттерди окуп, өз алдынча даярдануу, бири-бирине айтып берүү, суроо берүү жолу менен башка топтордогу окуучуларга айтып берүүгө даярданышат. (**10–15 мүнөт**).

**3-кадам:** Даярданууга берилген убакыт бүткөндө 1-топ башка топторго тарап отурушуп, билген маалыматтарын аларга айтып беришет. (**2–3 мүнөт**). Алар ордуна келип отурганда, 2-топ

башкаларга келип, билгендерин айтып бере башташат. Алар ордуна келгенде 3-топ бул ишти улантат. Ушундай жол менен бири-бирин окутуп, берилген теманы өздөштүрүшөт.

**4-кадам:** Мугалим окуучуларга суроо берүү менен алардын бири-бирине канчалык деңгээлде түшүнүктүү айтып бере алгандыгын биле алат. Кайсы окуучулар жакшы түшүндүрө алгандыгын сурап, баа коёт.

**Рефлексия:**

- Даярданууда кандай кыйынчылыктар болду?
- Окуучуларга айтып берүүдө өзүңөрдү кандай сездиңер?

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Дал келтирүү, түгөйү менен иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Ар бир окуучуга же экөөнө бирден дал келтирүү таблицасы (**№ 1-тиркеме**) карандаш, сызгыч.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулар түгөйү менен отурушат жана аларга бирден таблица берилет.

**2-кадам:** Алар таблицаны окуп, биргелешип туура жоопторун табышат. Алардын тушуна номер коюу аркылуу дал келтиришет. (5–7 мүнөт).

**3-кадам:** Окуучулар тапшырманы аткаргандан кийин дал келтирген таблицасын окуп беришет, башкалары суроо берип толукташат (ар бир окуучуга **2–3 мүнөт**).

**4-кадам:** Мугалим жалпы тема боюнча окуучуларга түшүнүк берет, билимин баалайт жана үйгө тапшырманы белгилейт.

**№ 1-тиркеме:**
Дал келтирүү
Мугалим өз алдынча улантат.

| № | Илим, маданият | № | Жооптору |
|---|---|---|---|
| **1** | 1900-1939-жж. | | Атом энергиясын алуу |
| **2** | 1930-ж. | | Архитектура. Кызыл аянттагы мавзолей |
| **3** | А.В.Щусев | | “Мастер жана Маргарита” романы |
| **4** | М.А.Булгаков | | Транспорттун ар кандай түрлөрү өнүккөн. М.: темир жол, аба жолдору |
| **Жооптору: 1–4. 2–1. 3–2. 4–3.** | | | |

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 20__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 18.** Экинчи дүйнөлүк согуш

**Өтүү мөөнөтү:** Январдын төртүнчү жумасы

**Колдонулган ыкма:** Класста жалпы талкуулоо,салыштыруу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар экинчи дүйнөлүк согуштун жана Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы, себептери, согуштук аракеттер Гитлерге каршы коалициянын түзүлүшү тууралуу жалпы талкуу жүргүзүү менен кеңири түшүнүк алышат.

**Тарбиялык:** Фашисттик баскынчыларга каршы дүйнє элинин күрөшү, Улуу Ата Мекендик согуш, советтик жоокерлердин көрсөткөн эрдиктери жөнүндө окуп билүү аркылуу окуучулардын өз Ата Мекенин коргоо, чечкиндүүлүк, патриоттуулук сезимдерин ойготушат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Берилген суроолорго аргументтүү түрдө жооп берүү, далилдүү мисалдарды келтирүү менен талкууга катышуу жана талкуу учурунда өз оюн эркин айтуу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тексттер, суроолор,карта.

**Сабактын жүрүшү:**

Эки вариантты тең иштөө сунушталат.

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучуларга текст таратылат же окуу китебин пайдаланышат. Күн мурунтан окуучуларга эскертилип, алар үйлөрүнөн даярданышса да болот. Берилген теманы көңүл коюп окуп чыгышып, суроолорго жооп берүүгө, талкууга катышууга даярданышат. (**8–10 мүнөт**).

Мугалим аларга “Алтын эрежени” сактоону эскертет. М.: кол көтөрүп жооп берүү, бири-бирин угуу ж.б. Ошондой эле эки-үч окуучудан турган эксперттик топ түзүлөт. Алар кайсы окуучу талкууга активдүү катышып, туура жооп бергендигин белгилешет.

**2-кадам:** Мугалим теманын аягындагы суроолорду пайдаланып, ага кошумча экинчи дүйнөлүк жана Ата Мекендик согуштун башталыш себептерин, жүрүшүн ж.б. камтыган суроолорду жалпы класска берет.

**Теманын аягындагы суроолорго кошумча:**

• Экинчи дүйнөлүк согуш качан, кайсы окуя менен башталды?

• Согуштун мезгилдерге бөлүнүшү жана андагы негизги окуялар жөнүндө айтып берүү.

Окуучулар кол көтөрүп жооп берип, талкуу башталат. Ошондой эле жоопту жеке окуучудан сураса да болот. Окуучунун ар бир жообунан кийин “Кимде кандай пикир, кошумчалар бар? Эмне үчүн? Кантип? А силер кандай деп ойлойсуңар? Башка көз караштар барбы?” деген сыяктуу суроолорду берип, талкуунун жандуу жүрүшүнө шарт түзөт. Ошентип, бир суроону талкуулап бүткөндөн кийин башка суроого өтүп, сабак уланат. Согуштун жүрүшүн картадан көрсөтүп беришет.

**3-кадам:** Бардык суроого жооп берип, талкуу бүткөндөн кийин мугалим эксперттик топ менен бирдикте окуучуларга баа коёт. Жалпы тема боюнча талкууга кирбей калган маалыматтарга токтолуп, сабакты жыйынтыктайт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Салыштыруу

**Сабактын жабдылышы**: окуу китеби,§5-§18 №1 тиркеме

**Сабактын жүрүшү**:

**Убакыт:** 15-20 мүнөт

• Окуучулар №1-таблицаны дептерине чийишет.

• Окуу китебин пайдаланып согуштун себептерин, башталышын,согуштун жүрүшүн, катышкан өлкөлөр ж.б. салыштырып таблицага жазышат.

**№1 тиркеме**

| Биринчи дүйнөлүк согуш | Окшош жактары | Экинчи дүйнөлүк согуш |
|---|---|---|
| | | |

## Экинчи дүйнөлүк согуштун себептери жана башталышы

Экинчи дүйнөлүк согушту даярдаган жана чыгарган Германия башында турган фашисттик-милитаристтик блок болгон. Алардын баскынчыл планында Польшаны жок кылуу, Францияны талкалап, Англияны басып кирүү болгон. Европанын ресурстарына ээ болгондон кийин чыгышка жүрүш жасамак. Анда СССРди жок кылып, анын аймагына жаңы жашоо мейкиндигин түзүшмөк.Россиянын экономикасына үстөмдүк орноткондон кийин Азия,Африка, Американы ээлеп,дүйнөлүк үстөмдүктү орнотмок. Согуш Гитлердик Германия жана анын союздаштары тарабынан башынан аягына чейин баскынчылык,адилетсиз мүнөздө болгон.

1939-жылы 1-сентябрда Германиянын Польшага басып кириши менен Экинчи дүйнөлүк согуш башталган. Польшага колдоо көрсөтүү үчүн Англия менен Франция 3-сентябрда Германияга кол салган. Бирок алар Польшага чыныгы жардам көрсөтө албай жымжырттык өкүм сүргөн. Ал жымжырттык 7 айга созулуп, “таң каларлык согуш” деп аталган.

1921-жылы Рига келишими боюнча Польшага бөлүнүп кеткен Батыш Украинага, Батыш Белоруссияга советтик аскерлер киргизилген.

Италия менен Германия 1940-жылы 10-майда Голландияга, Бельгияга,Францияга басып кирген. Эл жана армия Германияга каршы согушка даяр турса да,өнөр жай ээлери жана банкирлердин өкмөтү Франциянын улуттук кызыкчылыгына чыккынчылык кылып, 1940-жылы 22-июлда багынгандыгын билдирген жарашууга кол койгон.

## Германиянын СССРге кол салышы

Гитлер 1940-жылы 18-декабрда “Барбарос” деген СССРге кол салуу планын бекиткен. Бул чагылгандай тез согуш планы Советтер Союзун күзгө чейин жеңип чыгууну көздөгөн. Бул план боюнча немецтик аскерлер үч багыт боюнча чабуулга өтүшмөк. Алар “түндүк”, “борбордук” “түштүк” багыттары.

“Түндүк багыты”- Чыгыш Пруссиядан чыгып, Балтика деңизиндеги портторду басып алыш үчүн Псков, Ленинградга чабуул коймок. “Борбордук багыты” -Минск, Смоленск аркылуу өтүп, Москвага чабуул коймок. “Түштүк тобу” Батыш Украинада жана Днепрдин батышында жайгашкан армияны талкалап, Киевди басып алмак. Ошентип,1941-жылы 22-июнда Германиянын СССРге кол салышы менен Улуу Ата Мекендик согуш башталган.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 19.** Экинчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүндөгү бурулуш

**Өтүү мөөнөтү:** Январдын бешинчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Биргелешип издөө ыкмасы. Булардан башка кластер түзүү,эки бөлүктүү күндөлүк,текст менен иштөө ж.б. усулдар пайдаланылат.

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Согуштагы улуу бурулуш. Тегерандагы жолугушуу жана экинчи фронттун ачылышы, Германия жана Япониянын багынышы менен экинчи дүйнөлүк согуштун аякташы, тууралуу, суроолорго жооп берип, талкууларга катышуу аркылуу теманы терең өздөштүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тексттер, суроолор,карта

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

*Эскертүү*: Жоопту биргелешип издөө үчүн темалардын аягындагы суроолорду пайдалануу менен аларга кошумча суроо түзүү сунуш кылынат.

Теманы балдар үйдөн окуп,суроолорго даярданып келишет.

**1-кадам:** Окуу китебинен тема же текст таратылат. Аларды көңүл коюп окуп чыгышат. (**5–6 мүнөт**). Берилген убакыт бүткөндө мугалим тема боюнча түзгөн суроолорун берип, талкуу башталат. Окуучулардын бири кол көтөрүп жооп берет, башкалары өз пикирин айтып кошумчалайт. Берилген суроолорго биргелешип жооп издөө башталат.

**2-кадам:** Эгерде окуу китебин пайдаланышса, ар бир кичи теманы өзүнчө ушундай жол менен окуп, берилген суроолорго биргелешип жооп издеп, талкуу аркылуу теманы толук өздөштүрүү сунуш кылынат.

**Темага кошумча суроолор:**

• Экинчи дүйнөлүк согуш качан, кайсы окуя менен аяктады жана анын тарыхый мааниси?

• Улуу Ата Мекендик согуш качан,кайсы окуя менен аяктады жана анын тарыхый мааниси?

Биргелешип жооп издөө учурунда төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- Суроону жалпы класска берип, жоопту жеке окуучудан сураңыз.
- Ар бир жооптон кийин "дагы башка пикир, кошумча барбы?" деп суроо.
- Алтын эрежелерди колдонуу.
- Балдардын пикирин сындабастан," эмне үчүн?, а эгерде?" деген сыяктуу суроолорду берүү.
- Талкууга ылайыктуу ачык суроолорду берүү. М.: Эмне үчүн? Кантип? Башка көз караштар барбы? ж.б.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Билем, билгим келет, билдим.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тексттер, таблица. (№ 1-тиркеме).

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 15–20 мүнөт

**1-кадам:** Б.ББК.Б. таблицасы чийилген ватман доскага илинет. Мугалим "Экинчи дүйнөлүк согуш жөнүндө эмне билесиңер же билем деп ойлойсуңар?" деген суроо берип окуучулар өз алдынча дептерине жазып, жооп беришет. Андан кийин түгөйлөрү менен салыштырып, толуктап жазышат. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Жазып бүткөн окуучулар кол көтөрүп окуп беришет. Алар доскадагы таблицанын биринчи "билем" бөлүгүнө жазылат.

**3-кадам:** Экинчи суроо " экинчи дүйнөлүк согуш жөнүндө эмне билгиңер келет? деп берилип, ушундай эле жол менен аткарылат да экинчи "билгим келет" бөлүгүнө жазылат. Мында окуучулар билгиси келген суроолорду даярдашат.

**4-кадам:** Окуучулар доскадагы таблицаны дептерине чийишет. Аларга окуу китебинен же өзүнчө тексттер берилет. Аларды окуп жатып туштарына белги (маркировка) коюшат. Эгерде андагы маалыматты билсеңер "билем" деген бөлүккө,

жаңыдан билсеңер “билдим” деген бөлүккө жазышат. Кандайдыр бир суроолор пайда болсо, “билгим келет” деген бөлүккө жазышат да аны жекече, түгөйү менен андан кийин топторго бөлүнүп аткарышат да, аны “билдим” бөлүгүнө жазышат.Эгерде окуучуларды канааттандырган жооп табылбаса мугалим жардамдашат. Ушундай жол менен чакан тема өздөштүрүлөт. Калган маанилүү маалыматтар болсо, мугалим кошумчалап айтып берет.

**№ 1-тиркеме:**

| Б - | БК - | Б |
|---|---|---|
| | | |

Бул ыкмалардан башка ар бир кичи темаларга өзүнчө кластер түзүү, эки бөлүктүү күндөлүк, акыркы сөздү мен айтам ж.б. ыкмаларды колдонуу сунуш кылынат.

*Кошумча маалыматтар*

1. Улуу Ата Мекендик согуштагы улуу бурулуш
2. Улуу Жеңиш

**Улуу Ата Мекендик согуштагы улуу бурулуш**

Сталинградды коргоо 1942-жылы 17-июлдан 18-ноябрга чейин созулган. Советтик аскерлер 1942-жылы 19-ноябрда Түштүк-батыш жана Дон фронтторунда, 20-ноябрда Сталинград фронтторунда чабуулга өтүшүп, 23-ноябрда Германиялык 330 миң аскер курчоодо калган. 1943-жылы 1-февралда алардын башкы командачысы фельдмаршал Паулюстун 6-армиясынын калганы, 24 генерал, 2500 офицери,91 миң солдаттары менен багынып берген. Бул 200 күндүн ичинде душмандын 1,5 млн адамы өлгөн, жарадар болгон,колго түшкөн. Улуу Жеңиштен кийин Улуу Ата Мекендик согуштагы жана Экинчи дүйнөлүк согуштагы стратегиялык демилге толугу менен Кызыл Армия тарабына өтүп, согуштагы улуу бурулуш болгон.Согуштагы улуу бурулушка себепчи болгон дагы бир окуя-Курск салгылашуусу болгон.1943-жылы 5-июлда немецтик аскерлер чабуулга өткөн.Воронеж фронтунда, Прохоровка кыштагында 1200гө жакын танкалар катышкан салгылашуу болуп өткөн. 12-июлдан баштап советтик аскерлер чабуулга өтүп, 5-августта Орел жана Белгород, 23-августта Харьков бошотулуп, Курск салгылашуусу аяктаган.

Ленинградды коргоо

1941-1942-жылдары Ленинград курчоодо калган. Ал жылдары 850миңге жакын адам бомбалоодон, ачкачылыктан, сууктан курман болгон. Кызыл Армия 1943-жылы январда душмандарды талкалап, туурасы 8-11км болгон коридор ачылып, Ленинград курчоодон чыккан. Бирок немецтер бир жылдан кийин гана шаардан сүрүлүп чыккан.

## Улуу Жеңиш

1944-жылы күзүндө СССРдин чек арасы толук калыбына келтирилген.1945-жылы апрелде Берлинди алууга даярдык көрүлө баштаган. Буга 1-2-Беларус жана 1-Украина фронттору катышкан.Аларга Жуков, Рокосовский,Конев командачылык кылган. Генерал Крабс"Гитлер 30-апрелде өзүн-өзү өлтүрдү" деп билдирген. 1945-жылы 9-майда фашисттик Германиянын жеңилгендиги жөнүндө актыга кол коюлган. Москвада 25-июнда Жеңиш парады болуп өткөн. Анда Рокосовский парадды жетектеп, Жуков кабыл алган.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 20__-жыл | колу | |

**Сабактын планы**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 20.** XX- кылымдын экинчи жарымындагы эл аралык мамилелер.

**Өтүү мөөнөтү:** Февралдын биринчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Чаташкан логикалык чынжырлар, эки бөлүктүү күндөлүк

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Согуштан кийин дүйнө жүзүндөгү күчтөрдүн жайгаштырылышы, "Кансыз согуш" БУУнун эл аралык мамилелердеги ролу тууралуу берилген темадан окуу. Андан кийин аралаштырылган карточкаларды окуп, окуялар-даталарды ирети менен жайгаштыруу аркылуу теманы өздөштүрүшөт.

**Тарбиялык:** Эл аралык абалга сындап баа берүү, анализдеп жыйынтык чыгарууга, согуш отунун тутанып кетишинин канчалык ылдам экендигин түшүнө билүүгө тарбияланышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Чаташтырып коюлган карточкаларды туура жайгаштыруу аркылуу берилген темадагы негизги окуяларды өздөштүрүү , логикалык ой жүгүртүү, керектүү маалыматтарды тез таба билүү көндүмдөрүн өнщктщрщшёт.

**Сабактын жабдылышы:** Негизги даталар, окуялар жазылган карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

- Негизги маалыматтарды камтып 1–3 сүйлөмдөн турган маалымат жазылган карточкалар даярдалат.
- 

**1-кадам:** Берилген темадагы негизги даталарды, окуяларды, ирети менен карточкаларга жазат. Бул темада материал көп болгондуктан, биринчи жарымын алуу сунуш кылынат. Сабак башталганда аларды аралаштырып туруп досканын кырына же алдыңкы катарга коёт.

**2-кадам:** Мугалим баасы аз окуучуларды, же каалагандар болсо кезек менен чакырат. Алардын ар бири карточкаларды окуп

чыгып, андагы даталарды, окуяларды чынжыр түрүндө маанисине жараша байланыштырып, партанын үстүнө тизип чыгат. Бардыгы тизилип бүткөндөн кийин окуучулардын бири аларды окуп чыгат. Калгандары алардын байланышпай калган жери жокпу текшерип, өз пикирлерин айтышат.

**3-кадам:** Мугалим логикалуу чынжырлардын карточкаларын окуп, окуучулар өздөрүнүн ишин текшерет.

**4-кадам:** Теманын калган бөлүгүн мугалим окуучуларга түшүндүрүп айтып берет. Окуучулардын билимин баалап, үйгө тапшырма берилет.

*Бул сабактын экинчи бөлүгүнө башка ыкмаларды колдонобуз*

**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк.

**Сабактын жабдылышы:** Эки бөлүктүү күндөлүк чийилген ватман. Окуу китеби же тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:**20- 25 мүнөт

**1-кадам:** Доскадагы үлгүгө карап окуучулар эки бөлүктүү күндөлүктү дептерине чийишет. Алар берилген теманын экинчи бөлүгүн же алар боюнча түзүлгөн тексттерди окуп чыгышат. Андан эң маанилүү цитата, сөз же даталарды тандап алып, күндөлүктүн "цитата" бөлүгүнө жазышат. Күндөлүктүн оң жагындагы" комментарий" бөлүгүнө ушул жазган цитата же даталарга комментарий түшүндүрмө жазышат. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Берилген убакыт бүтүп, тапшырма аткарылгандан кийин баасы аз же каалаган окуучулар биринчи цитатаны, сөздү, датаны окугандан кийин анын оң жагында жазылган комментарийин да окуп, түшүндүрүп берет. Мугалим, дагы ким ушуга окшош цитата, комментарий жазса, ал окуучу да окуп айтып берсин деп эскертип, окуучулар аны орундатат. Кезек кийинки окуучуга келип, жооп берүү улантыла берет. Окуучулар жазган цитата комментарийлерин окуп, айтып бергенден кийин мугалим жалпы тема боюнча кеңири түшүндүрүп берет. Окуучулардын суроолоруна жооп берип, билимин баалап, үйгө тапшырманы эскертет.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Текст менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, мугалим түзгөн тексттер жана суроолор.

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 20–25 мүнөт

- Балдардын айткан пикирлерин кыскача доскага жазып туруу керек. Бул пикирлерди салыштыруу, жалпылоо, бүтүм чыгаруу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

**1-кадам:** Окуучуларга теманын негизги маалыматтарын камтыган ар түрдүү текстгер таратылат. Аларды эки-үч жолу окуп чыгышат. (**8–10 мүнөт**).

Биринчи жолу көңүл коюп окуп, негизги идеяларды, аныктамаларды, негизги даталарды эске тутуу керек. Эгерде айтууга татаал сөздөр кездешсе, аны бир нече жолу кайталап, тилди жатыктыруу сунуш кылынат.

Экинчи жолу текстти окуганда, түшүнүксүз сєздєр болсо бири-биринен же мугалимден сурап алышат да, жакшылап түшүнгүчөктү кайталап окушат.

**2-кадам:** Мугалим берилген тексттер боюнча өзү даярдаган суроолорун берип, класста жалпы талкуу башталат.

**3-кадам:** Талкуу учурунда жана талкуудан кийин төмөнкүдөй суролор берилет.

- Тексттеги негизги идеялар, түшүнүктөр кайсылар?
- Темадагы кайсы маалыматтар эң маанилүү жана таң калыштуу болду?
- Бири-бириңерге суроо даярдагыла.
- Аларга жооп бергиле ж.б.

Берилген тексттерди бир нече жолу өз алдынча окуп чыгуу, ал тексттер боюнча түзүлгөн суроолорго жооп берип, талкуулоо аркылуу жалпы теманы өздөштүрүшөт.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 21.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзу

**Өтүү мөөнөтү:** Февралдын экинчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Суроолор дарагы, жекече жана түгөйү менен иштөө

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** СССРдин экономикасынын согуштан кийинки абалы, Сталиндин өлүмү, Хрущевдин жана Л.И.Брежневдин бийликке келиши тууралуу окушуп, суроолорду түзүү, аларга жооп берүү аркылуу негизги маалыматтарды кеңири өздөштүрүшөт.

**Тарбиялык:** Окуучулар суроолорго жооп берүү менен өткөн мезгилдин жакшы-жаман жактарын, азыркы мезгилдеги Кыргызстандын мисалында салыштырып, турмуштук сабак алышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Негизги маалыматтарды камтыган суроолорду түзүү жана аларга тапкычтык менен аргументтүү түрдө жооп бере билүү билгичтиктерин, көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, суроолор дарагы тартылган ватман, ар кандай түстөгү кагаздан кесилген алма, жүзүм шингили, алмурут ж.б. карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы

**1-кадам:** Окуу китебиндеги тема, кичи темаларга бөлүнүп берилет же ал темадан даярдалган тексттер таратылат. Окуучулар аларды өз алдынча окуп чыгып, бирден суроо түзүшөт.

Мугалим эки вариантта тең тоталитардык бийликтин бекемделишин далилдеген суроолордун болушун, Сталин өлгөндөн кийин 1953-58-жж. бийлик үчүн күрөштүн үч этабы жөнүндөгү суроолордун түзүлүшүн эскертет.

**2-кадам:** Түгөйү менен иштөө: ал суроолорду экөө салыштырып тууралап, кошумчалап, мөмө-жемиштеринин формасында кесилген карточкаларга жазышат. Аларды доскадагы суроолор дарагына чапташат.

**3-кадам:** Окуучулардын бири чыгып, суроолорду бирден окуп берет. Окуучулар суроолорго жооп беришет жана толукташат. Эгерде жооп бере алышпаса, суроону түзгөн окуучу жооп берет.

**4-кадам:** Мугалим жалпы теманын суроо-жоопторго камтылбай калган бөлүгүн толуктап, окуучуларга айтып берет. Кимдин суроолору маанилүү, кызыктуу болгондугун, аларга кимдер туура, аргементтүү жооп бергендигин сурап, баа коёт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Суроо түзүү, суроо берүүнү уюштуруу

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, ручка, дептер

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 15–20 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулар үйгө берилген теманы кайталап окуп чыгышат. Аларга кичи темалар бөлүнүп берилет. Окуучулар алардын көлөмүнө жараша үч-төрт суроо түзүшөт. Суроолор мүмкүн болушунча кенен чечмеленип, жооп берүүгө ылайыкталып түзүлүп, Эмне үчүн? Эмне себептен? Кантип? Эмнеге? деген суроолорго жооп бериши керек. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Окуучулар аларды пайдаланып, бири-бирине суроо берип, жооп беришет жана бири-бирин тууралап толукташат. Ушундай жол менен берилген теманын негизги маалыматтарын өздөштүрүшөт. Мугалим суроолордун оор жана жеңилине, маанилүүлүгүнө, аларга берилген жооптордун аргументтүүлүгүнө жараша баа коюп, сабак жыйынтыкталат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых.
**Тема: 22.** СССР кайра куруу жылдарында
**Өтүү мөөнөтү:** Февралдын үчүнчү жумасы
**Колдонулган ыкма:** Текст менен иштөө
**Сабактын максаттары:**
**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар М.С.Горбачевдун бийликке келиши жана анын кайра куруу саясаты, саясий партиялар жана кыймылдардын пайда болушу, СССРдин кулашы, КМШнын түзүлүшү жөнүндө тексттерди окуп, суроолорго жооп берүү менен теманы өздөштүрүшөт.
**Сабактын жабдылышы:** Тексттер жана суроолор
**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 20–25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Мугалимдин сөзү: "Балдар! СССРге байланыштуу өткөн темалардан улам силерге суроо берейин:

- "Кайра куруу" деген сөздү ким кандай түшүнөт? Эмне үчүн кайра куруу керек?
- "СССР" деген өткөн темадан кийин ойлонуп көргүлөчү, СССРде эмне үчүн кайра куруу зарылчылыгы келип чыктыдеп ойлойсуңар?

**2-кадам:** Берилген тема окуучуларга бөлүнүп берилет (кичи тема боюнча) же алардан түзүлгөн тексттер таратылат. Аларды эки-үч жолу окуп чыгышат. (**8–10 мүнөт**).

Биринчи жолу көңүл коюп окуп, аныктамаларды, негизги идеяларды, даталарды эске тутуп калышат. Эгерде, татаал сөздөр болуп калса, аны бир нече жолу кайталап, тилин көндүрүшөт.

Экинчи жолу текстти окуганда, түшүнүксүз сөздөр болсо бири-биринен же мугалимден сурашат да, кайрадан окуп чыгышат.

**3-кадам:** Мугалим тексттер боюнча түзгөн суроолорун берип, класста жалпы талкуу башталат.

**4-кадам:** Талкуу учурунда жана талкуудан кийин төмөнкүдөй суроолор берилет.

- Тексттеги негизги идеялар, түшүнүктөр кайсылар?
- Кайсы маалыматтар эң маанилүү жана таң калыштуу болду?
- Бири-бириңерге тексттен суроо даярдагыла.
- Аларга жооп бергиле ж.б.

Тексттерди окуп чыгуу, аларды түзүлгөн суроолорго жооп берүү, талкуулоо аркылуу жалпы теманы өздөштүрүшөт.

СССРде кайра куруу жылдарында экономикалык,саясий жактан кандай өзгөрүүлөр болду? деген суроо менен сабак бүтөт.

Активдүү окуучуларга баа коюлат.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Кодонулган ыкма:** Суроо түзүү, суроо берүүнү уюштуруу

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, дептер же барак

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 15–20 мүнөт

**1-кадам:** Бул тема үйгө тапшырмага берилет. Класстан дагы кайталап окуп чыгышат. Окуучуларга кичи темалар бөлүнүп берилет. Темалардын көлөмүнө жараша үч-төрт суроо түзүшөт. Суроолор ойлонуп, кенен чечмелеп жооп берүүгө ылайыкталып түзүлүп, эмне үчүн? Эмне себептен? Кантип? Эмнеге? деген суроолорго жооп бериши керек. (8–10 мүнөт).

**2-кадам:** Окуучулар ал суроолорду бири-бирине берип, ойлонуп жооп беришет. Туура эмес жооп берсе, багыт берип жардамдашат жана тууралап толуктайт. Ушундай жол менен түзгөн суроолоруна жооп беришип, темадагы негизги маалыматтар жөнүндө түшүнүк алышат.

Мугалим суроолордун оор жана жеңилине маани-мазмунуна карап жана суроолорго берилген жооптордун аргументтүүлүгүнө , тууралыгына жараша баа коюп, сабак жыйынтыкталат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201  -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых
**Тема: 23.** Америка Кошмо Штаттары (АКШ)
**Өтүү мөөнөтү:** Февралдын төртүнчү жумасы
**Колдонулган ыкма:** Чакан топтордо иштөө
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** АКШнын Корея жана Вьетнам менен болгон согуштары. Р.Рейган, Б.Клинтон жана Ж.Буштардын бийликке келиши жана жүргүзгөн саясаттары тууралуу окуп, чакан топтордо иштешет. Аларды жалпы класска айтып берүү аркылуу теманы өздөштүрүшөт.

Чакан топтордо иштөөдө окуучулар:

- Берилген суроолор боюнча пикир алышат, жооп беришет.
- Мугалимден көз карандысыз болушат.
- Бири-бирин уга билүүгө, толеранттуулукка үйрөнүшөт.
- Аткарган иштерин аргументтүү түрдө презентациялап берүүгө көнүгүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби же мугалим даярдаган тексттер жана суроолор.

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 25-30 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Сабак башталаарда парталарды экиден бириктирип, чакан топтордо иштөөгө ылайыктап жайгаштырат. Убакыт болсо мурдатан эле даярдап койсо болот. Окуучулардын курамы ар түрдүү болушу үчүн саноо жолу менен чакан топторго бөлүнүп отурушат.

**2-кадам:** Мугалим окуучуларды доскада илинип турган “Алтын эреже” менен тааныштырат. М.: активдүүлүк, өз оюн эркин айтуу, суроолорго кыска, так жооп берүү, бири-бирин уга билүү ж.б.

**3-кадам:** Окуучуларга мугалим түзгөн тексттер таратылат жана негизги маалыматтарды камтыган суроолор же ал суроолорго

жооп бергенге пайдалануу үчүн китептеги кичи темалар бөлүнүп берилет.

Чакан топтордо иштөө үчүн төмөнкү суроолор сунуш кылынат:

**1. 1-топ.** АКШнын согушка чейинки саясий стратегиясын (§ 9) согуштан кийинки мезгил менен салыштыруу. “Дүйнөлүк жоопкерчилик” терминин кандай түшүнөсүңөр?

**2. 2-топ.** Демократиялык жана республикалык партиялардын экономикалык жана социалдык саясатында кандай айырмачылыктар бар? ж.б. Калган суроолорду топтордун санына жараша мугалим өзү тандайт. (198-199-бет).

**4-кадам:** Окуучулар берилген теманы окуп, суроолорго жооп берүүгө даярданышат. Жоопторду ар бир топ ватманга же баракка жазышат. (**8–10 мүнөт**).

**5-кадам:** Даярданып бүткөндөн кийин ар бир топтон бирден окуучу даярданган суроолоруна жооп берет. Эгерде жоопту ватманга жазышса, аны доскага илип, окуучуларга презентациялап беришет. Мугалим жана окуучулар суроо берип, жооп алышат. (Ар бир топко **3–4 мүнөт**).

Теманын айтылбай калган орчундуу жерлери болсо мугалим толуктап айтып берет. Ар бир топтун ишинин маанисине, маалыматтын толуктугуна, презентациянын аргументтүүлүгүнө карап окуучулардын билимин баалайт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Билем, билгим келет, билдим.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тексттер, таблица (**№ 1-тиркеме**).

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 15 – 20 мүнөт

**1-кадам:** Б.ББК.Б таблицасы чийилген ватман үлгү катары доскага илинет. Окуучулар аны дептерине чийишет.

**2-кадам:** Окуучуларга “АКШнын согуштан кийинки экономикасы жана жүргүзгөн саясаты жөнүндө эмне билесиңер же билем деп ойлойсуңарбы?” деген суроо берилет.

Жекече иштөө: Окуучулар өз алдынча жооп берип, дептерине жазышат.

Түгөйү менен иштөө: Аткарган тапшырмаларын жанындагы окуучу менен салыштырып, бири-биринен толуктап жазышат. (**8–10 мүнөт**).

**3-кадам:** Жазып бүткөн окуучулар кол көтөрүп жооп беришет. Алардын бир нече ар түрдүү варианттары доскадагы биринчи "билем" бөлүмүнө жазышат.

**4-кадам:** Экинчи суроо. АКШ тууралуу кандай маалыматтарды алгыңар келет? деп берилип, 2-кадамда көрсөтүлгөндөй аткарылат да, (жекече түгөйү менен иштөө) экинчи "билгим келет" бөлүмүнө жазылат. Мында окуучуларды кызыктырган суроолор сунушталат.

**5-кадам:** Окуучуларга окуу китебинен кичи темалар бөлүнөт же берилген тема боюнча даярдалган тексттер таратылат. Аларды окуп жатып туштарына белги коюшат. Эгерде, силер билген маалымат болсо "билем" деген бөлүккө , жаңы билсеңер "билдим" деген бөлүккө жазышат. Ал эми суроолор пайда болсо "билгим келет" деген бөлүккө жазышып, аны өз алдынча түгөйү менен эгерде керек болсо жана убакыт жетишсе чакан топтордо иштешет. Жообун "билдим"бөлүгүнө жазышат.Ушундай жол менен окуучулар негизги маалыматтарды алышат. Жалпы тема боюнча камтылбай калган материалдар болсо мугалим кошумча айтып берет.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**№ 1-тиркеме:**

| **Б -** | **БК -** | **Б** |
|---|---|---|
| | | |

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 24.** Батыш Европа өлкөлөрү

**Өтүү мөөнөтү:** Марттын биринчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Түгөйү менен иштөө, салыштыруу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Улуу Британияда лейбористтик жана консерватордук өкмөттөрдүн бийлик үчүн күрөшү, Франция, Шарль де Гольдун жүргүзгөн саясаты, Италиядагы социалдык-экономикалык өнүгүүсщ жёнщндё окуучулар түгөйлөрү менен салыштыруу, иликтөө аркылуу кеңири түшүнүк алышат.

- Түгөйлөр берилген темаларды салыштыруу, иликтеп талдоо, талкуулоо, маанилүүсүн ажырата билүү билгичтиктерин, көндүмдөрүн өнүктүршөт.

**Сабактын жабдылышы:** Эки окуучуга бирден текст же окуу китебиндеги тема, салыштыруу таблицасы доскага чийилет.

**Сабактын жүрүшү:**

Эки вариантты тең иштөө сунушталат.

**Убакыт:** 25–30 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучуларга мугалим түзгөн тексттер таратылат. Алар көңүл коюп окуп чыгышат. (**5–7 мүнөт**).

**2-кадам:** Түгөйлөр лейбористтер менен консерватордук өкмөттүн жүргүзгөн саясатында жана идеологиясындагы айырмачылктарды, үч өлкөнүн ички, тышкы саясаттарын, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн салыштырып жазышат. (**10–13 мүнөт**).

**3-кадам:** Даярданып бүткөндөн кийин баасы аз же жооп берүүнү каалаган окуучулар аткарган иштерин окуп айтып беришет. Башка окуучулар суроо берип, кошумчалашат. (**10 мүнөт**).

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Кубиктер суроолорун түзүү

**Сабактын жабдылышы:** Кубик суроолору менен

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30–35 мүнөт

**1-кадам:** Темадагы ар бир өлкөдөн өзүнчө суроолор түзүлүп, мурдатан даярдалган кубиктин ар бир бетине жабыштырылат. Аларды окуучуларга тааныштырат.

**2-кадам:** Окуучулар үч топко бөлүнүп, бирөө – Англия, экинчиси – Франция, үчүнчүсү – Италия боюнча түзүлгөн суролорго кезектешип жооп беришет.

**3-кадам:** Мугалим полго же эки партаны бириктирип коюп, алардын үстүнө кубикти тоголотуп, эң үстүңкү капталына туш келген суроого окуучулар жооп беришет. Ушундай жол менен кубиктеги суроолордун бардыгына жооп бергенден кийин, башка топ суроолорго жооп бере баштайт. Ал үчүн кубиктин капталдарына башка суроолорду жабыштырыш керек.

**4-кадам:** Үч топтун бардыгы жооп бергенден кийин мугалим алардын эмгегин баалайт.

-Эми бул тапшырманы аткаруунун 2-вариантын карап көрөлү. Мында кубиктин ар бир бетине суроолордун ордуна номерлер коюлат жана ар бир номер үчүн бир нече суроо түзүлөт.Себеби, кубикти тоголоткондо бир номер бир нече жолу кайталанышы мүмкүн.Кубикти полго же партанын үстүнө тоголоткондо, үстүнө туш келген номер боюнча суроо окулат.Эгерде окуучулар жооп бере албаса, жооптун варианттары сунушталат. Мугалим суроолорду жооптору менен түзүп,даярдап коёт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых
**Тема: 25.** Борбордук жана Түштүк Чыгыш Европа өлкөлөрү
**Өтүү мөөнөтү:** Марттын экинчи жумасы
**Колдонулган ыкма:** Бири-бирин окутуу. Зигзаг
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар согуштан кийинки ГФРдин жана ГДРдин түзүлүшү, Чыгыш Европада коммунисттик бийликтин орношу демократиялык революциялар тууралуу бири-бирин окутуу аркылуу түшүнүк алышат.

- Чакан топторго бөлүүнү
- Текст менен иштөө жана аны талкуулоо
- Башка топторго билген маалыматтарын айтып берүү
- Башкалардын айткандарын угуу, эске тутуу билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китебиндеги кичи темалар же мугалим түзгөн тексттер

**Сабактын жүрүшү:**

*Экинчи вариантты биринчи иштөө сунушталат.*

**Убакыт:** 25–30 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар парталарды экиден бириктирип, окуучулардын санына жараша 1ден 4–6га чейин санап, чакан топторго бөлүнүп отурушат. Аларды “кооперативдик же менчик топ” деп айтабыз.

**2-кадам:** Ал топтордон бир деген номерлер өзүнчө, экинчилер өзүнчө жана башка номерлер дагы ушундай жол менен кайрадан жаңы топторго биригишет. Аларды “эксперттик топ” деп атайбыз. Аларга берилген тема боюнча мугалим даярдаган тексттер таратылат, же окуу китебиндеги кичи темалар бөлүнүп берилет. (**2–3 мүнөт**).

**3-кадам:** Эксперттик топтор темаларды окуп талкуулашып, түшүнүксүз болсо бири-биринен сурашат жана өз топторуна айтып берүүгө даяранышат. (**10–13 мүнөт**).

**4-кадам:** Убакыт бүткөндө өздөрүнүн кооперативдик топторуна кайтып келишип, эксперттик топто окуп билген маалыматтарын кезектешип айтып беришет. (Ар бирине **2–3 мүнөт**).

**5-кадам:** Мугалим окуучуларга суроолорду берүү менен алардын даярдануу, өздөштүрүү деңгээлдерин баалайт.

**Рефлексия:**

- Эксперттик топтордо кандай жол менен даярдангандыгыңарды айтып бергиле.
- Өз топторуңарга айтып берүүдө өзүңөрдү кандай сездиңер?
- Бири-бириңе айтып берүү силерге жактыбы?

**Баалоо**

**Үйгө тапшырма** §26- окуп, аягындагы суроолорго даярданышат.

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Акыркы сөздү мен айтамын,салыштыруу

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китебиндеги тема же тексттер жана карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

**1-кадам:** Германиянын батыш-чыгыш зоналарга бөлүнүшү жана ГФР менен ГДРдин түзүлүш шартын салыштыргыла. ГФРге кайра биригүүсү жөнүндө айтып бергиле.

**2-кадам**:Окуучуларга текст таратылат же окуу китебиндеги теманы пайдаланышат. Аларды окуп чыгышып, негизги цитаталарды, даталарды, маалыматтарды карточкалардын бир бетине жазышат. Экинчи бетине алардын жоопторун, түшүндүрмөлөрүн жазат. (**10–12 мүнөт**).

**3-кадам:** Тапшырмаларды аткарууга берилген убакыт бүткөндө окуучу карточкадагы суроолорун окуп берет, бирок жоопторун окубайт. Мугалим башка окуучулардын жооп берүүсүн талап кылат. Андан кийин суроо берген окуучу өз жообун окуп берип, мурдагы окуучунун жообунун тууралыгына баа беришет.

**4-кадам:** Кийинки окуучулар суроолорун окуп, башкалары жооп берүүсүн улантат. Бардык карточкаларга жооп берилгенден кийин кызыктуу жана негизги суроолор белгиленип, сабак улана берет.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 26.** Кытай

**Өтүү мөөнөтү:** Апрелдин биринчи жумасы

**Колдонулган ыкма**: Кезектешип бири-бирин окутуу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Жарандык согушта Кытай коммунисттик партиясынын жеңип чыгышы, Япониянын армиясынын талкаланып, КЭРдин түзүлүшү, Мао Цзедундун “чоң секирик” саясаты жана “маданий революциясы”, Дэн Сяопин тууралуу кеңири маалымат алышат.

- Окуучулар чакан топторго бөлүнүү, иштөө, даярдануу шарттарын үйрөнүшөт.
- Иш үстүндө бирге иштөөгө, бири-бирин уга билүүгө, сыйлоого, сындабоого, бири-бирине үстөмдүк кылбоого – толеранттуулукка тарбияланышат.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, окуучулар үчүн тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

*Экинчи вариантты биринчи өтүү сунушталат.*

**Убакыт:** 25-30 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучлар санына жараша чакан топторго бөлүнүшөт, парталарды экиден бириктирип отурушат. Аларга тексттер таратылат же окуу китебиндеги кичи темаларды бөлүп берсе болот. (**3–5 мүнөт**).

**2-кадам:** Окуучулар аларды окуп бири-бирине суроо берүү, талкуулоо жолу менен тексттерди өздөштүрүшөт. (**10–15 мүнөт**).

**3-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө 1-топтун окуучулары башка топторго таркап отурушуп, аларга даярданган тексттерин айтып беришет. (**2–3 мүнөт**).

Алар ордуна келип отурганда 2-топ башка окуучуларга барып, окуп билген маалыматтарын айтып беришет. Алар ордуна

келгенде, 3-топ бул ишти улантат. Ушундай бири-бирин кезектешип окутуу менен берилген теманы кеңири өздөштүрүшөт.

**4-кадам:** Мугалим окуучуларга суроо берүү аркылуу жана ким жакшы түшүндүргөнүн суроо менен алардын билимин баалоого болот.

**Рефлексия:**

- Чакан топто даярданууда кандай кыйынчылыктар болду?
- Даярданып жатканда пикир келишпестиктер болдубу?
- Өз классташтарыңарга айтып берип жатканда өзүңөрдү кандай сездиңер?
- Сабак кызыктуу болдубу?

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Биргелешип издєөө ыкмасы,салыштыруу.

**Сабактын жабдылышы:** Тексттер же окуу китеби, жоопту биргелешип издөө үчүн түзүлгөн суроолор

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

**1-кадам:** Окуучуларга тексттер таратылат же окуу китебиндеги темадан берилет. Алар окуп даярданышат. (**10–12 мүнөт**).

**2-кадам:** Жоопту биргелешип издөө үчүн мурдатан даярдаган суроолор берилет. Суроолорду жалпы класска берип, каалоочулар кол көтөрүп жооп беришет. Мугалим жеке окуучудан да сурайт. Ким кошумчалайт, кимдин кандай пикири бар? деп сурап турат.

Ушундай жол менен бардык даярдалган суроолорго биргелешип жооп издөө аркылуу, окуучулар жооп беришет. Кайсы окуучунун берген жооптору туура жана аргументтүү болгону белгиленет.

**3-кадам**: Окуучулар дептеринин барагын экиге бөлө чийип, Мао Цзедундун чоң секирик, маданий революция жана Ден Сяопиндин төрт модердештирүү саясаттарын окуп, талдоо жүргүзүп, оң жана терс жактарын салыштырып жазышат. Эмне үчүн ийгиликке жеткенин же жетпегенин айтып беришет.

## Маданий революция

1949-жылы “Кытай Эл Республикасы” деп жарыяланган.1950-жылы сентябрда КЭРдин конституциясы кабыл алынып,бийликтин жогорку органы “Бүткүл Кытай Эл өкүлдөр жыйыны” болуп калды. Жыйындын төрагалыгына Мао Цзедун шайланды.

Мао Цзедун 1958-жылдан баштап “чоң секирик” курсун жүргүзө баштаган. Бул курс “Чымырканган үч жылдык эмгек, он миң жылдык бакыт берет” деген ураан менен жүргүзүлгөн. Алар социализмди мөөнөтүнөн мурда курууга болот деп ишенишкен. Мао Цзедундун демилгеси менен 1965-жылдан баштап “маданий революция” башталган. Ал “эски маданиятты жоюп, жаңы пролетардык маданиятты түзүү” деген ураан менен жайылтылган. Интеллегенцияны куугунтуктап, маданий,илимий мекемелер талкаланган. Алар армия бөлүктөрүнө,хунвейбиндерге (кызыл күзөтчүлөргө) жана цзаяфяндарга (козголоңчуларга) кирген жаштарды пайдаланган.

Мисалы, Жусуп Баласагын 68 жашында каза болуп, Кашкар шаарынан түштүгүрөөктө жайгашкан Пайнап деген аймакка коюлган. Кытайдагы маданий революция мезгилинде Баласагындын мавзолейи хунвейбиндер тарабынан талкаланып, анын сүрөтү гана сакталып калган. Бүгүнкү күндө мавзолейди калыбына келтирүү иш-чаралары көрүлүп жатат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема:** 27. Япония.

**Өтүү мөөнөтү:** Апрелдин экинчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Жалпы бири-бирин окутуу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Япониянын согуштан кийинки абалы, Сан Франциско тынчтык келишимине кол коюу, эмгек мамилелеринин өнүгүүсүндөгү беш система, "экономикалык кереметтин" себептери жөнүндө материалдарды бири-бирин окутуу аркылуу өздөштүрүшөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, кыскача тексттер жазылган (эки-үч сүйлөм) карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

Окуучуларга таратылуучу ар бир карточкага 1-3 сүйлөмдөн турган маалыматтар жазылат.

Мисалы: Япониянын мамлекеттик түзүлүшүн өзгөрткөн 1946-жылы 3-ноябрда кабыл алынган Конституция болуп эсептелет. Бул Конституция 1947-жылы 3-майда күчүнө кирген. Конституцияда "император- улуттун биримдигинин символу" деп аталып, монархиялык бийлик сакталган,бирок саясаттан жана бийликтен четтетилген.

**1-кадам:** Окуучуларга жаңы теманын негизинде жазылган карточкалар таратылат. Аларды окуп даярданып, түшүнбөгөн жери болсо мугалимге суроо беришет. (8–10 мүнөт).

**2-кадам:** Убакыт бүткөндө даярданган маалыматтарын ордунан туруп классты кыдырып, бири-бирине айтып беришет. **(10–12 мүнөт**). Алар бир окуучунун жанына токтолбостон, ар бири жекече жолугуп пикир алышуулары керек. Окуучулардын негизги максаты, өзүндөгү маалыматтарды башкалар менен бөлүшүп, өзү башкалардан үйрөнүшү керек экендигин аларга эскертүү керек.

Убакыт бүткөндө  ким канча маалымат тарткатканын жана канча маалымат алганын сурап, мугалим окуучуларга баа коёт.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Класста жалпы талкуулоо,жеке жана түгөйү менен иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби мугалим түзгөн суроолор жана тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

**1-кадам:** Класска жалпы талкуу жүргүзүү  үчүн  окуучуларга текст таратылат же окуу китебин пайдаланышат. Аларды кунт коюп окуп чыгышып, суроолорго жооп берүүгө, талкууга катышууга даярданышат. (**8–10 мүнөт**). Бул тема үйгө  тапшырмага берилип, окуучулар   үйлөрүнөн   даярданып келишсе да болот. Мугалим аларга “Алтын эрежени” сактоону эскертет. М.: бири-бирин угуу, сындабоо, бири-бирине үстөмдүк кылбоо, ар бир ой баалуу ж.б.

**2-кадам:** Мугалим даярдаган  жана теманын аягындагы суроолорун жалпы окуучуларга  берет. Бирок жоопту бир эле окуучудан сурайт. Берилген жоопторду доскага кыскача жазып туруу керек. Себеби бири-бирин кайталабоо, берилген жоопторду салыштыруу  үчүн окуучуларга керек болот. Мугалим окуучунун жообунан кийин, кимдин кандай пикири жана кошумчасы бар деп сурап турат. Бир суроого жооп берип бүткөндөн  кийин, экинчи суроону талкуулай башташат.

**3-кадам**: Окуучулар өз алдынча  “Япониянын экономикалык кереметинин”  сырын жана өнүгүүдө  ИТРдин таасирин окуп,өнүгүүнүн себептерин аныктап жазышат.Андан кийин түгөйү менен салыштырып, толуктап жазышат.(7-10мүн) Убакыт бүткөндө окуп беришет.

Бардык суроолорго жооп берип, талкуу бүткөндө  мугалим сабакка активдүү  катышып, суроолорго туура жооп берген окуучуларга баа коёт. Сабак жыйынтыкталат.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-классс.** Соңку тарых

**Тема: 28.** "Азия ажыдаарлары" өлкөлөрү

**Өтүү мөөнөтү:** Апрелдин үчүнчү жумасы

**Колдонулган ыкма:** Мозаика, бири-бирин окутуу

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар "Азия ажыдаарлары" деп аталган төрт мамлекеттин, Түштүк, Түндүк Кореянын түзүлүшү , Тайван мамлекети, Гонконг жана анын КЭРге кошулушу, Сингапурдун экономикасынын өнүгүшү тууралуу бири-бирин окутуу аркылуу кеңири түшүнүк алышат.

**Сабактын жабдылышы:** Ар бир топтун санына жараша ар кандай түстөгү номерлер, эки окуучуга бирден текст,карта.

Мугалим саясий-экономикалык өнүгүүсүн камтыган чакан текст

түзөт.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы

**1-кадам:** Кайсы өлкөлөр "Азия ажыдаарлары" деп аталат, эмне үчүн? Жообу доскага жазылат.Окуучулар санына жараша чакан топторго бөлүнөт. Аларга ар кандай түстөгү номерлер таратылат. М.: 1-топко – кызыл, 2-топко – көк ж.б. Бул кийин өз тобун табууга жардам берет.

**2-кадам:** Ар бир топтун 1-номерлери өзүнчө, 2-номерлери өзүнчө ж.б. болуп бөлүнүшүп, кайрадан жаңы топту түзүшөт. Аларга мугалим түзгөн тексттер таратылат. М.: 1-топко 1-тиркеме, 2-топко 2-тиркеме ж.б. (**2–3 мүнөт**).

**3-кадам:** Окуучулар берилген тексттерди өз алдынча окуп чыгышат жана бири-бирине суроо берүү, кошумчалоо, талкуулоо аркылуу башкаларга айтып бергидей болуп даярданышат. (**10–12 мүнөт**).

**4-кадам:** Даярдыктан кийин мурдагы өз топторуна колундагы номерлердин түстөрү боюнча (кызылдар өзүнчө, көктөр өзүнчө ж.б.) бөлүнүп отурушат. 1-тиркемени алган окуучудан

баштап даярданган тексттерин кезектешип бири-бирине айтып беришет,картадан көрсөтүшөт. (Ар бир окуучуга **2–3 мүнөт**).Бардык окуучулар тексттерди айтып бүткөндөн кийин мугалим ким кандай түшүндүрүп бере алгандыгын жана түшүнгөндүгүн алардан суроо менен баа коёт .

**Рефлексия:**

- Чакан топтордо иштөөдө өзүңөрдү кандай сездиңер жана кандай таасир калтырды?
- Бирге даярданып,башкаларга айтып берүүдөн эмнелерге үйрөндүңөр?

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:** §29-окуп, аягындагы суроолорго даярданып келишет.

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Кубиктер суроолорун түзүү,салыштыруу

**Сабактын жабдылышы:** Капталдарында суроолор жазылган кубик жана кошумча суроолор жазылган барактар,карта.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30–35 мүнөт

**1-кадам:** Ар бир кичи темадан өзүнчө саясий-экономикалык өнүгүү багытындагы суроолор түзүлөт. Теманын аягындагы суроолорду пайдаланып жана алардын үлгүсүндө кошумча суроолорду түзсө болот. Аларды алтыга бөлүп, биринчи алтоону мурдатан даярдалган кубиктин капталдарына жабыштырып, суроолор менен окуучуларды тааныштырат.

**2-кадам:** Мугалим полго же парталарды бириктирип алардын үстүнө кубикти тоголотуп, анын үстүңкү капталына туш келген суроо окулуп, каалоочулар кол көтөрүп жооп беришет. Кубиктеги суроолордун бардыгына жооп бергенден кийин башка суроолор жабыштырылат. Суроолордун бардыгына жооп берилгенден кийин суроолорго камтылбай калган маанилүү маалыматтар болсо, мугалим толуктап айтып берет. Окуучулардын билими бааланып, үйгө тапшырма берилет.

**3-кадам**: Кубиктеги суроолор бүткөндөн кийин, ушул төрт өлкөнүн башкаруу.экономика,өнөр жай.дыйканчылык, саясаты жактан салыштырып жазышат.

*Кошумча вариант*

**Кубиктеги суроолор тапшырмасы**

Кубиктин беттерине номерлер жазылат жана ар бир номерге бир нече суроолор жоопторунун варианттары менен даярдалат. Кубикти калчаганда үстүнкү берине түшкөн номер боюнча мугалим же окуучу колундагы суроону окуйт. Окуучулар дароо жооп беришет. Жооп бере албаса, жооптун варианттары окулуп, суроого жооп алынат.Кубик кайрадан калчалып  сабак уланат. Картадан көрсөтүлөт.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 29.** Азия, Африка жана Латын Америкасындагы өлкөлөр

**Өтүү мөөнөтү:** Апрелдин төртүнчү жумасы

**Колдонулган ыкма:** Эки бөлүктүү күндөлүк, биргелешип издөө ыкмасы.

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Азия жана Африка өлкөлөрүнүн эгемендикке ээ болушу, Ирандагы революция Индонезияда, Афганистанда, Египеттеги саясий экономикалык абалы, Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн көз карандысыздыкка ээ болушу жөнүндө жооп берүү аркылуу теманы өздөштүрүшөт.

**Тарбиялык:** Көз карандысыздык үчүн болгон күрөш, эгемендүү мамлекеттердин пайда болушу жана алардын белгилүү жетекчилери тууралуу окуп үйрөнүү окуучуларда шыктануу, сыймыктануу сезимин пайда кылат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар текст менен иштөө, алардан маанилүү, маалыматтарды, даталарды, цитаталарды ажырата билүү жана аларга аргументтүү түрдө жооп берүү билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өнүктүрөт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китебиндеги тема же ал боюнча даярдалган тексттер, эки бөлүктүү күндөлүк чийилген ватман,карта.

**Сабактын жүрүшү:**

*Убакыт жетишсе эки вариантты тең өтүү сунушталат.*

**Убакыт:** 25-30 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Тема доскага жазылат жана окуучуларга “ушул темадагы өлкөлөргө кайсы өлкөлөр кирет? деген суроо берилип, жооптор доскага жазылат.Доскадагы үлгүгө карап окуучулар эки бөлүктүү күндөлүктү дептерине чийишет. Китептеги теманы же

таратылып берилген тексттерди окуп чыгып, анын кызыктуу, маанилүү жерин, белгилүү даталарды, цитаталарды күндөлүктүн цитата бөлүгүнө жазышат. Алардын жоопторун, түшүндүрмөлөрүн күндөлүктүн комментарий бөлүгүнө жазышат. (**10 мүнөт**). Ошондой эле бул дата, цитаталарды эмне үчүн жазышкандыгын, алар кандай суроолорду, ой-пикирлерди пайда кылгандыгын ойлонуулары керек. Бул окуучулардын суроолоруна жооп бергенге жардам берет. Бул өлкөлөрдү картадан көрсөтүүгө даярданышат.

**2-кадам:** Берилген убакыт б үткөндө каалаган окуучу кол көтөрүп, аткарган иштерин окуп, айтып берет. Мугалим баасы аз окуучулардан дагы тапшырманы сурайт. (Ар бир окуучуга **2–3 мүнөт**). Бөлүнгөн убакыт бүткөндө мугалим, окуучулардан кимдин цитата-даталары маанилүү жана комментарийлери аргументтүү болгондугун ж.б. суроолорду сурап, баа коюп, сабак жыйынтыкталат.....

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**№1 тиркеме**

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| | |

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Биргелешип издөө ыкмасы

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тексттер, суроолор

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 25–30 мүнөт

**1-кадам:** Окуучулар берилген тема кичины үйдөн окуп келет. Аларды класста да көңүл коюп окуп чыгышат. (**8–10 мүнөт**).

**2-кадам:** Мугалим теманын аягындагы суроолорду пайдаланат жана ар бир кичи темага кошумча суроо түзөт.Берилген убакыт бүткөндө мугалим темага ылайык түзгөн суроолорун берип, талкуу башталат. Окуучулар кол көтөрүп жооп беришет, башкалары кошумчалайт. Берилген суроолорго биргелешип жооп издөө башталат. Бир суроого жооп алынгандан кийин, кийинки суроону талкуулоо башталат.

Биргелешип жооп издөө учурунда төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- Суроону жалпы класска берип, жоопту жеке окуучудан сураңыз.
- Окуучулардын жообунан кийин башка пикир, кошумча барбы деп суроо.
- Алтын эрежелерди колдонуу.
- Балдардын ой-пикирин сындабоо.
- Чечмелеп жооп берүүгө ыңгайлуу суроолорду берүү

**М.:** Эмне үчүн? А эгерде? Кантип? Башка көз караштар барбы? ж.б. Бардык суроого жооп бергенден кийин окуучулардын билимин баалайт.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**
**9-класс.** Соңку тарых
**Тема: 30.** Илимий-техникалык прогресс.
**Өтүү мөөнөтү:** Майдын биринчи жумасы
**Колдонулган ыкма:** Чаташкан логикалык чынжырлар
**Сабактын максаты:**
**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар XX –кылымда транспорттун өнүгүшү , ядролук куралдын пайда болушу, космосту изилдөө, компьютердик жана маалымат технологияларынын өнүгүшү, тууралуу окуп, карточкаларды ирээттеп жайгаштыруу аркылуу кеңири түшүнүк алышат.

**Сабактын жабдылышы:** Негизги маалыматтар, даталар, жазылган (эки-үч сүйлөм) карточкалар. (№ 1-тиркеме). Ар бир кичи темадагы ИТПдагы жетишкендиктер хронологиялык ирээти менен жазылат.

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 20–25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Темадагы негизги маалыматтар, даталар, окуялар, ИТПдагы жаңылыктар ирээти менен карточкаларга жазылат. Сабак башталганда ал карточкаларды чаташтыра алмаштырып, досканын кырына же алдыңкы партага коюлат.

**2-кадам:** Мугалим каалоочуларды же баасы аз окуучуларды кезек менен чакырат. Алар ар бир карточканы окуп чыгып, маалыматтарды чынжыр түрүндө байланыштырып тизип чыгат. Бардык карточкалар тизилип бүткөндөн кийин окуучулардын бири аларды окуп чыгат. Окуучулар алардын туура жайгаштырылганын текшерип, өз пикирлерин айтышат.

**3-кадам:** Мугалим № 1-тиркемедеги логикалуу чынжырлардын карточкаларын окуп берип, окуучулар өз иштерин текшеришет.

**4-кадам:** Карточкадагы маалыматтарга камтылбай калган башка маалыматтар болсо, мугалим кошумчалап айтып берет. Окуучулардын билимин баалайт.

**(№ 1-тиркеме).**
(Мугалим жазат).

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Негизги терминдер, түгөйү менен иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китебиндеги тема же темага ылайык даярдалган тексттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 30–35 мүнөт

**1-кадам:** Мугалим берилген темадан бир нече негизги терминдерди (сөздөрдү) тандап алып, доскага жазат. Алардын маанилүү бирөөсүнүн алдын сызып, окуучуларга бул сөздүн мааниси жөнүндө өз билгениңерди айткыла деп кайрылып, акыл чабуулун өткөрөт. Окуучулардын айткан жооптору терминдердин туштарына жазылат.

**2-кадам:** Окуучулар түгөйлөрү менен өтүлө турган жаңы темада бул сөздөр кантип колдонулаарын болжолдоп ойлонушат. Бир жыйынтыкка келгенден кийин кол көтөрүп, ар бири өз варианттарын айта башташат.

**3-кадам:** Андан кийин мугалим же окуучулардын бири аларга текстти окуп берип, сөздөрдүн өз ордунда тийиштүү мааниде колдонулуп жаткандыгын текшерүүнү сунуш кылат.

Тема көлөмдүү болгондуктан, кичи темаларга бөлүп иштөө сунуш кылынат. (Ар бир кичи темага **5–7 мүнөт**).

**4-кадам:** Окуучулар бардык терминдердин өз ордун туура тапкандыгын текшерип бүткөндөн кийин окуучуларга баа коюлуп, үйгө тапшырма берилет.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы:**

**9-класс.** Соңку тарых

**Тема: 31.** Маданияттын өнүгүшү

**Өтүү мөөнөтү:** Майдын экинчи жумасы

**Колдонулган ыкма:** Суроо түзүү, коллективде иштөө

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар XX- кылымдын аягында кинематографияда сүрөттө, адабиятта жаңы багыттардын, стилдердин, агымдардын пайда болушу жөнүндө окуп, аларга суроо түзүү жана жооп берүү аркылуу теманы өздөштүрүшөт.

**Тарбиялык:** Окуучулар илим жана маданият адабият, кино, сүрөт өнөрүнүн ар кандай багытта өнүгүшү жөнүндө окуп, суроолорго жооп берүү аркылуу ички маданиятын, эстетикалык табитин тарбиялашат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Текст менен иштөө, тексттин негизинде суроо түзүү жана аларга жооп берүү аркылуу, окуучулар ой жүгүртүү, тапкычтык жөндөмүн өнүктүрөт, окуучулардын интеллектуалдык деңгээли жогорулайт.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, суроо түзүү үчүн дептер же барак.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20–25 мүнөт

Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**

**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Окуучулар берилген теманы үйдөн окуп чыгып, негизги маалыматтарды камтыган ондон ашык суроо түзүп келишет. Алар: Эмне їчїн? Эмне себептен? Кантип? деген ж.б. суроолорго жооп бериши керек.

**2-кадам:** Баасы аз же каалаган окуучулар ордундарынан туруп бири-бирине суроо беришет, бирөө жооп бере албаса, башкалары жооп берет. Эгерде, алар да жооп бере албаса, жалпы класс жооп берсе болот.

**3-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө мугалим жалпы класстын пикири боюнча суроо жана жооп беришкен окуучуларга баа коёт. Мында берилген суроо-жооптордун деңгээли да эске

алынуусу керек. Калган убакыттын ичинде мугалим айтылбай калган негизги маалыматтарга токтолот. Ал суроолор маданияттагы жаңы көрүнүштөр, агымдар, адабият,кино өнөрү,сүрөт өнөрүндөгү жаңылыктарды камтыш керек.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

**2-вариант:**

**Колдонулган ыкма:** Коллективде иштөө

**Сабактын жабдылышы:** Бирден суроо жазылган карточкалар, окуу китеби.

**Сабактын жүрүшү:**

**Убакыт:** 20 мүнөт

Окуучуларга бул тема өткөн сабакта окуп келүүгө берилген.

**1-кадам:** Окуучулар тегерек тартып турушат (же орундарында отурушат). Алардын бирөө алып баруучу болуп дайындалат жана эксперттик топ дагы түзүлөт.

**2-кадам:** Алып баруучу карточкалар салынган коробканы алып, сааттын жебеси боюнча айлантып окуучуларга кезек бериши керек. Эгерде жооп бере албаса, алып баруучу ал суроону бүтүндөй класска берет. Анын жообун билген окуучу кол көтөрүп жооп берет. Алып барган окуучу кийинки окуучуга өтүп, суроо-жооп улана берет. Берилген убакыт же кутучагы карточкалар бүткөндө , коллективде иштөө токтотулат.

**3-кадам:** Мугалим эксперттик топ менен кеңешип, кайсы суроолор жана жооптор маанилүү, аргументтүү болгондугун аныктап баа коёт.

Калган убакытта мугалим коллективде иштөө учурунда камтылбай калган маалыматтарды окуучуларга айтып түшүндүрүп берип, үйгө тапшырманы эскертет.

**Администрация мүчөсү кол коюп бекитет**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бекитемин | 201 -жыл | колу | |
| Бекитемин | 201__-жыл | колу | |

**Сабактын планы.**
**9-класс:** Соңку тарых
**Тема:** Өтүлгөн сабактарды кайталоо
**Өтүү мөөнөтү:** Майдын үчүнчү жумасы
**Колдонулган ыкма:** Карусель
**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар өтүлгөн темаларды кайталап, суроо түзүп, мурдагы сабактардан алган билимдерин системалаштырып, жалпылайт жана бышыктайт.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Жогорку деңгээлдеги суроолорду берүү жана аларга аргументтүү кыска, так жооп берүү аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүү, тез-тез ойлонуп, жооп таба билүү, көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**Тарбиялык:** Берилген суроолорго жооп берүү аркылуу интеллектуалдык деңгээлин жана эске тутумун жогорулатууга, бири-бирин уга билүүгө, сыйлоого тарбияланышат.

**Сабактын жабдылышы:** Ар бир окуучуда 8-10 суроолор жазылган дептерлер болушу керек.

**Сабактын жүрүшү:**
**Убакыт:** 20-25 мүнөт
Уюштуруу: **Саламдашуу, толуктоо**
**Өтүлгөн сабакты кайталоо:** Анын жаңы тема менен байланышы.

**1-кадам:** Парталарды П түрүндө жайгаштырып, класстын ортосунда аянт даярдалат. Окуучулар саноо жолу менен экиге бөлүнөт. Эки окуучудан турган эксперттер тобу түзүлөт.

**2-кадам:** Биринчи номерлер ортого чыгып, ички тегеректи түзөт. Экинчи номерлер алардын сыртынан экинчи тегеректи түзүп, бири-бирине бетме-бет турушат (**3–5 мүнөт**).

**3-кадам:** Окуучулар үйдөн түзүп келген суроолорун бири-бирине беришет. Суроого жооп бере албай калса, суроо берген окуучу өзү жооп берет.

**4-кадам:** Андан кийин биринчи номерлер солго жылып, экинчи номерлер ордунда калат. Ошентип, ички тегерек суроо бергенде сол жакка, сырткы тегерек суроо бергенде оң жакка жыла беришет. Суроо берүүнү биринчи суроо берген окуучулар

кездешкенге чейин же убакытка жараша мугалим токтотконго чейин улантса болот (**20–25 мүнөт**). Акырында эксперттер менен бирге суроо-жооптордун маанисине, аргументтүүлүгүнө карап баа коюп жыйынтыкташат.

**Суроолор:**

**1.** Кайсы суроолор кызыктуу болду?

**2.** Өзүңөрдүн берген жообуңарга канааттандыңарбы?

**3.** Жооп бере албаган суроо болсо, доскага жазып коюп, жооп тапканга аракет кылгыла.

**Баалоо:**

**Үйгө тапшырма:**

## Фашизмдин пайда болушу

Согуштан кийин социалдык жана саясий күрөштүн күч алышы бийликтин кризиси фашизмди жараткан.Фашизмдин италиялык фашизм жана немецтик улуттук-социализм сыяктуу түрлөрү бар.

Италия фашизм бийликке келген биринчи өлкө болгон. Анда фашисттик партиялар 1919–жылы жазында түзүлө баштаган. Алардын лидери социалисттик партиянын мурдагы мүчөсү Бэнито Муссолини болгон.1922–жылдын 30–октябрынан баштап ал өкмөттү башкара баштаган. Шаарларда «Күрөштүн союздары» деп аталган фашисттик уюмдар (фашизм ди комбатименто) түзүлгөн. Алар террорду, зордук-зомбулукту, коркутууну кеңири пайдаланышкан.

Германияда фашисттик кыймыл биринчи дүйнөлүк согуштан кийин башталып, 1919–жылы улуттун улуулугун жана тартипти сактоо урааны менен жумушчу уюмдарды талкалай башташкан. Улуттук социалисттик немистик жумушчу партиясы түзүлгөн. Анын лидери тажрыйбалуу саясатчы Адольф Гитлер болгон. 1933–жылы 20–январда ал рейхсканцлер болуп дайындалган. 1934–жылы президент Гинденбург өлүп,анын укуктары дагы Гитлерге өткөн.

**Фашизмдин мүнөздүү белгилери** – бул, Шовинизмге жана Расизмге өтүп кетүүчү улутчулдук, улуттун кызыкчылыгын жеке адамдын же көпчүлүктүн кызыкчылыктарынан жогору коюусу болуп эсептелет.Фашисттик теория боюнча төмөнкү расага немистерден башка бардык элдер кирген. УСНЖП немистерди эң жогорку раса – арийлер деп аташкан. Алар төмөнкү расаларды башкарууга жаралган деп жарыялашкан. Экинчи дүйнөлүк согуш башталганда Европанын жарымы Фашисттик Германияга баш

ийишкен. Ошол баш ийген өлкөлөрдө концлагерлер түзүлгөн. Франциядагы Орадур,Чехословакиядагы Лидице,Белоруссиядагы Хатынь кыштактарындагы эл такыр жок кылынган.

## Фашисттик концлагерлер

Концлагер бул 1930–жылдан баштап капиталисттик саясый каршылаш өлкөлөрдөн колго түшкөн бийлик адамдарын кармоочу жай болгон.Алар башкалардан өтө катуу режими менен айырмаланган.Айрыкча Германияда фашисттик диктатурасы орногондо алар кеңири таралып күчөгөн.(1933-ж)

Экинчи дүйнөлүк согуш маалында концентрациондук лагерь системасы Германия басып алган өлкөлөргө түзүлө берген жана алар массалык репрессиянын курамына айланган.

Концентрациондук лагерге түшкөн 18 миллион адамдын ичинен 11 миллиондон ашыгы өлтүрүлгөн.
Алардын ичинде СССР, Польша, Франция, Бельгия, Чехословакия, Югославия, Румыния, Венгрия ж.б. өлкөлөрдүн адамдардын өтүрүлгөн.

## Терезинштадт

Терезинштадт 1941–1945–жылдары Чехословакия аймагындагы фашисттик Германиянын концентрациондук лагерлеринин бири. Прагадан 60 км. алыстыкта жайгашат. Жасалгаланган лагерь «чет өлкөлүк комиссияларга» «үлгүлүү» лагерь катары көрсөтүлгөн. Чындыгында Терезинштадт туткундардын өмүрүндөгү акыркы лагерь болчу. Лагерде Европанын көп өлкөлөрүнөн 153 миң эркек, аял, жаш балдар болгон. 58340 туткундар анын ичинен 15 миң жаш балдар 2-майда өлтүрүлгөн. Ушул эле күнү тирүү калган 8521 туткун Советтик Армия тарабынан куткарылган.Терезинштадттын территориясында Чехословакия тарабынан жабыр тарткандарга эстелик тургузулуп,музей ачылган.

## Треблинка

Немец фашисттеринин «өлүм лагери». Бул концлагерь Треблинка –1 жана Треблинка –2 болуп бөлүнгөн.Лагерь Польшанын Треблинка шаарындагы Треблинка станциясынын жанында жайгашкан.

Треблинка – 1 1941–1944–жылдары «жумуш лагери» болгон. Лагерде 10 миң адам өлтүрүлгөн.

Треблинка – 2 1942–1943–жылдары «өлүм лагери» деп аталган.Мында 800миң киши өтүрүлгөн.

1943–жылы августта Треблинка –2 концлагеринин фашисттери туткундарды көтөтүрүлүшкө чыккандыгы үчүн кырып салышкан.

Согуштан кийин Мавзолей–эстелик жана символикалык бейит тургузулган.

## Закзенхаузен

Закзенхаузен Берлинден түндүккө карай 30 км.дей алыстыкта жайгашкан концлагерь.Бул жерде 1936–1945–жылдары 27 өлкөдөн 200 миңге жакын адам туткунда болгон.Алардын ичинен 100 миңден ашыгы өтүрүлгөн.Лагерде мындан башка комунисттер жана жумушчу кыймылынын өкүлдөрү,мүчөлөрү да кармалган.Лагерде антифашисттик,интернационалдык жашыруун уюм түзүлгөн. Кийин Совет Армиясы басып келе жатканына байланыштуу 1945–жылы 21–апрелде лагерь эвакуацияланган. 1-майда аман калган туткундар Закзенхуазенден Любекке багыт алган жолдо Совет Армиясынын жардамы менен бошотулган. 1961–жылы лагерь аймагында мемориалдык музей ачылган.

## Маутхаузен

1938–1943–жылдары фашисттердин концлагери Маутхаузен болгон.Австриядагы Маутхаузен шаарына жакын жайгашкан .Маутхаузен лагеринде 335миң адам кармалган. Алар 15 өлкөнүн жарандары эле.Бул лагепде 110 миңден ашык адам өлтүрүлгөн.Алардын ичинен 32 миңи совет жарандары эле. Маутхаузенде советтик аскерлердин группалары болгон.Аларды өзгөчө өтө катуу жана ташбоордук менен кыйнашчу.

1945–жылдын 2-февралынан 3-февралга караган түндө өлүмгө тартылган совет аскерлери качууга аракеттенишкен.419 адамдан 10 гана адам аман калган.Согуштан кийин Маутхаузендин ордуна музей ачылган.1962–жылы бул жерде Д.М.Карбышевке эстелик тургузулган.Бул адам 1945–жылдын февралында ушул жерде музга тоңдуруп өлтүрүлгөн.

## Бухенвальд

1937–1945–жылдары Германиянын концлагеринин бири– Бухенвальд.Веймара шаарына жакын жайгашкан.Сегиз жыл ичинде Бухенвальдда 239миң адам болгон.Анда 56 миң адам өтүрүлгөн.

1944-жылдын 18-августунда бул жерде Германия коммунисттеринин башчысы Э.Тельман айбанча өтүрүлгөн.Буга

карабастан Бухенвальдда антифашисттик группалардын каршылыктары көрсөтүлгөн.194 –жылдын
12–апрелинде Бухенвальдка Америка армиясынын бир бөлүгү басып кирген.20 миңден ашык туткундар,ошондой эле 900 жаш балдар бошотулган.1958–жылы Бухенвальддын территориясында эстетикалык-курулуш комплекси ачылган.

**Дахау**

Дахау 1933–1945–жылдары фашисттик Германиянын биринчи концлагери Бавариядагы Дахау шаарына жакын жайгашкан.Дүйнөлүк экинчи согуш маалында Дахауда антифашисттик кыймылдын адамдары жана туткунга түшкөн согуш аскерлери кармалган.Алар Европанын ар кайсы өлкөлөрүнөн болгон.Дахауда 24 өлкөнүн 250миң адамы камалып,алардын ичинен 70 миңге жакыны өлгөн.12 миңи советтик жарандар болгон.

**Освенцим**

1940–1945–жылдары Освенцим Германиянын концлагери болгон.Польшанын территориясынын Освенцим шаарына жакын жайгашкан. Экинчи дүйнөлүк согушта Освенцимде дайыма 250 миң туткундан аз эмес адам кармалып турчу.Лагерде газ камералары иштеп турчу.Освенцимде 4 миллиондон ашык адам жок кылынган.Алар СССР,Польша,Югославия,Чехословакия,Франция ж.б. өлкөлөрдөн болгон.Освенцимде каршылык көрсөткөн топтор болчу.Аларды коммунисттер уюштурчу.1944–жылы күзүндө көтөрүлүш болгон.Тилекке каршы көтөрүлүшчүлөрдү ырайымсыздык менен айбанча жазалашкан.1945–жылы 27–январда бир нече миң туткун Советтик Армия тарабынан бошотулган.1947 –жылы лагердин ордуна музей ачылган.

**Равенсбрюк**

1936–1945–жылдары Равенсбрюк фашисттик Германиядагы аялдардын концлагери.Фюрстенберг шаарына жакын орун алган.Рвансбрюкта 132 миң аялдар жана бир нече миң жаш балдар туткунда болгон.Алар Европанын 23 өлкөсүнөн эле.Лагерде жашоонун орточо узундугу тогуз ай болгон.Равенсбрюкта 93 миң аял ошондой эле көп жаш балдар өлтүрүлгөн.

Лагерде карышылык көрсөтүүчү антифашисттик топтор түзүлгөн.

1945– жылы 30 –апрелде Советтик Армия 3 миңге жакын аялдар менен балдарды куткарышкан.20 миңдей адам Любекке карай кеткен жолдо1-майда бошотулган.1959–жылы лагердин ордуна музей ачылган жана фашисттерден жабыр тарткандардын эстелигине монумент тургузулган.

## Майданек

Майданек концлагерин гитлердик өкмөт 1940–жылы кура баштаган.Ал Дюбинден 2км.алыстыкта жайгашкан.Мурда аскер туткундары кармалса,1943–жылдан баштап концлагерь катары жөнөкөй элдерди дагы кабыл ала баштаган.Лагерь кампа,устакана ж.б. кошпогондо 144 барактан турган.Ар бир баракка 300гө чейинки адамдар баткан.Алар ток өткөрүлгөн зым тор менен курчалып,жакшы куралданган аскерлер кайтарган.Лагерде бир эле мезгилде 45 миңге чейин адам жүрө алган. Лагерь элди массалык түрдө кыруу үчүн алдын-ала ойлонулуп,керектүү жабдыктар менен камсыздалган.

Мисалы газ камералары,синиль кислотасы же көмүртектин кычкылы.Камераларга бир эле мезгилде эки миң киши баткан. Адамдардын өлүктөрүАдамдардын өлүктөрүн өрттөө үчүн 1942–жылдын башында эки меш(печка) кийин 1943–жылы мештен дагы бешөө курулган.Мештерге адамдын өлүктөрүн көбүрөөк батыруу үчүн алардын колу-бутун кесип салышкан. Газ камералары жана өлүк өрттөөчү жайлар (крематори) күнү-түнү менен иштечү.Бул лагерде 4 жылдын ичинде 360 миң адам атылган жана камераларда өлтүрүлгөн.Алар советтик жана мурдагы поляк аскерлери,ар түрдүү улуттагы тынч жашаган элдер: поляктар, француздар, италиялык, белгиялык, голландиялыктар, чехтер, сербдер, гректер, хорваттар жана көп сандаган еврейлер болушкан.

**СААЛАЕВ Өскөн**

# СОҢКУ ТАРЫХ САБАКТЫН ПЛАНЫНЫН УСУЛДУК КОЛДОНМОСУ

## 9-КЛАСС

Терүүгө 2015-ж. берилди. Басууга 2015-ж. кол коюлду. Офсет кагазы
Форматы 60x90 $V_{J6}$- «Times New Roman» ариби. Офсет ыкма менен басылды.
6 басма табак.
Нускасы 200. Заказдын №15
ЖЧК «Солюшин»